Такыйюддин Набахоний

# ХИЗБИЙ УЮШУУ

ХИЗБУТ-ТАХРИР
БАСЫЛМАЛАРЫНАН
1425-х. – 2004-м.

بســــــم الله الرحمن الرحيم

XIII хижрий, XIX миладий кылымдан баштап ойгонуу үчүн бир нече кыймылдар жүзөгө келди. Алар өзүнөн кийинкилерге кайра урунууда күчтүү таасир калтырган болсо да, бирок, ийгиликсиз урунуулар болду. Бул урунууларды күзөткөн, бул кыймылдарды үйрөнүп чыккан киши булардын бардыгынын ийгиликсиздигинин негизги себеби уюшуу жактан төрт ишке байланыштуу экендигин көрөт:

- Биринчиси, бул кыймылдар анык белгиленбеген жалпы түрдөгү, ал тургай, анык эмес же анык эмеске окшогон фикрат негизине курулган эле. Мунун үстүнө фикрат тунуктук, тазалык жана нукуралыкты жоготкон эле.

- Экинчиси, бул кыймылдар өз фикратын ишке ашыруунун тарыйкатын билишпес эле, балким, ошол фикрат шашылыш жана чиеленишкен ыкмалар менен алып барылар эле, мындан тышкары, алар анык эместик жана күңүрттүктүн курчоосунда калган эле.

- Үчүнчүсү, бул кыймылдар өөрчүп жетилген сак-саламат аң-сезимге жана туура каалоо-эркке ээ болбогон, балким, шыктануусу жана кайраты гана бар адамдарга сүйөнөр эле.

- Төртүнчүсү, бул кыймылдардын жүгүн өз желкесине алган адамдардын ортосунда кээ бир иштер жана бир нече наамдар көрүнүшүндөгү куру уюшуудан башка туура робыта (адамдарды өз ара байланыштырып туруучу фактор) болбогон эле.

Ошондуктан, бул уюмдардын өздөрүндөгү бүткүл күч-кайраты түгөнгөнгө чейин умтулушу, андан соң, алардын аракети өчүп, ийгиликсиздикке учурашы табигый эле. Булардан кийин башка адамдар тарабынан башка кыймылдар жүзөгө келип, булар да бардык күч-кайраттарын белгиленген чекке чейин сарптап, токтоп калышчу жана бул иш ушундайча улантылып келе берчү.

Бул кыймылдардын бардыгынын ийгиликсиздикке учурашы табигый эле. Себеби, алар анык, ачык-айкын жана туура фикратка негизделбеген эле; туура тарыйкатты билбеген эле; аң-сезимдүү адамдарга сүйөнбөгөн эле; жана туура робытага таянбаган эле.

Фикрат жана тарыйкат темасына келсек, алардын каталыгы ушул кыймылдар негизделген философиянын – эгер алардын философиясы бар деп алынса – каталыгында даана көрүнөт. Бул кыймылдар исламий жана улутчулдук кыймылдары болгон. Исламий кыймылдарды башкарып жаткандар Исламга жалпы жана ачык түстө даъват кылышчу жана Исламды ошол убактагы абалга же алынышы кааланып жаткан башка түзүмдөргө ылайык келе турган кылып тафсир кылууга урунушчу эле. Ислам ушул абал жана түзүмдөргө колдонуу үчүн жарактуу болсун үчүн

жана бул бурмалоолор алардын сакталып калышын жана алынышын актасын үчүн ушундай кылышчу.

Ал эми, улутчулдук кыймылдарын башкарып жаткандарга келсек, арабтар «Ислам жана мусулмандар» деген түшүнүктөрдү этибарга алышпастан, арабтарды анык эмес, чиеленишкен улутчулдук негизде ойгонууга чакырышар эле. Алар «улутчулдук», «улуулук», «даңк», «араб» «чыныгы арабтык» «эгемендүүлүк» ж.б.у.с. сөздөрдү ураан кылып көтөрүшчү эле. Бирок, алар бул сөздөрдө ойгонуунун түпкү манисине дал келе турган эч кандай ачык-айкын түшүнүк жок экендигин билишпес эле. Түрктөр болсо, улутчулдук негизинде түркий мекендин ойгонушуна чакырышчу эле. Улутчулдукка чакырып жаткан араб жана түрктөр – Балканды да исламий мамлекет болгон Осмоний мамлекеттен бөлүп, эгемендүү кылыш үчүн дал ушундай улутчулдук кыймылдары менен башкарып жаткан – колонизатор тарабынан башкарылар эле.

Арабтардын ичинде бул эки кыймыл өкүлдөрүнүн ортосунда: «Араб мамлекеттеринин биримдиги» же «Исламий мамлекеттер биримдиги»нин кайсынысы абзел жана ойгонуу үчүн жакын жол? - деген мазмунда гезит жана журналдарда курулай тартышуулар болду. Узак убакыт натыйжасыз аракеттер менен өттү. Себеби, «араб мамлекеттеринин биримдиги» да, «Исламий мамлекеттер биримдиги» да ишке ашпай турган кыялый нерсе экендигинен тышкары, бул нерсе зээндерди «Исламий Мамлекеттен» буруу үчүн иштеп чыгылган колонизаторлук долбоору эле. Ошондуктан, бул кыймылдардын ийгиликсиздиги натыйжасыз-дыкка эле чектелип калбастан, балким, андан да өтүп, Исламий Мамлекетти көздөрдөн жана зээндерден алыстатып жиберди.

Колонизатор капырдын Исламий Мамлекеттин жерлерин басып алышы жана анда капиталисттик түзүмдүн колдонулушу себептүү адамдар башына түшүп жаткан саясий жана экономикалык зулумдун натыйжасында, исламий жана улутчулдук кыймылдарына жанаша, түрдүү исламий өлкөлөрдө мекенчилдик кыймылдары жүзөгө келди. Бул кыймылдар мына ушул зулумдардын натыйжасында жүзөгө келгендигине карабастан, алардын айрымдарында исламий жак өкүмдар болуп калган болсо, айрымдарында капыр колонизатор алып барган жасалма аракеттердин айынан куру мекенчилдик жагы өкүмдар эле. Мына ушул мекенчилдик жагы себептүү жогорудагы кыймылдар козголду жана алар өзүн башкара турган пикирдин жетишсиздигинен тышкары, үммөттү душмандын кадамын бекемдеген арзан күрөш менен алек кылды.

Биз: «Ойгонуунун чыныгы философиясы – бул фикрат жана тарыйкатты өзүндө бириктирген мабда» - деп этикат кылабыз. Бул мабда болсо – Ислам. Себеби, ал – мамлекеттин жана үммөттүн бардык иштери үчүн түзүм о.э. турмуштун бардык проблемалары үчүн чечим келип чыга турган акыйда. Ислам бүткүл дүйнөлүк түзүм болсо да, бүткүл дүйнө боюнча иш алып баруу анын тарыйкатынан эмес. Балким, ага дүйнөлүк

деңгээлде даъват кылынышы керек жана ал үчүн бир же бир нече өлкө анын иш майданы кылып белгилениши лаазым. Ошондо Ислам ал жерде бекем орношот жана табигый түрдө өсүп бара турган Исламий Мамлекет тикеленип, оболу бардык исламий өлкөлөрдү өз ичине алат. Андан кийин Исламды дүйнөнүн башка тарабына өзүнүн рисалаты катары жана жалпы адамзаттык түбөлүк рисалат катары жаят.

Бүткүл дүйнө Ислам даъваты үчүн жарактуу жер. Бирок, исламий өлкөлөрдүн калкы Ислам дининде болгондугу себептүү, даъват ушул жерлерден башталышы керек. Араб өлкөлөрү – исламий өлкөлөрдүн бир бөлүгү катары, Исламдын негизги бөлүгү болгон жана исламий сакофаттын курамдык бөлүгү болгон араб тилинде сүйлөшкөндүктөрү себептүү – бул даъватты баштоо үчүн эң ылайыктуу өлкө болуп саналат. Араб тилинде жана Исламда таасир кылуу, кеңейүү жана жайылуу кудурети бар экендиги себептүү, араб тилинин кудуретин Ислам кудурети менен аралаштыруу зарыл. Муну менен, араб тили Ислам менен биригип кетсин. Ушуга караганда, бардык исламий өлкөлөрдү өз ичине ала турган Улуу Ислам Мамлекетинин өнүп чыга турган уругу болушу үчүн, Исламий Мамлекеттин араб өлкөлөрүндө пайда болушу табигый. Исламга араб өлкөлөрүндө даъват кылуу шарт болсо да, бирок, башка Исламий өлкөлөргө да даъват жиберилиши шарт. Иш-аракетти араб өлкөлөрүндө баштоо дегени исламий өлкөлөрдүн бардыгын Улуу Исламий Мамлекетке бириктирмейинче араб өлкөлөрүнөн башка жерде иш алып барылбайт дегени эмес. Балким, араб өлкөлөрүндө Исламий Мамлекетти тикелөө үчүн иш алып барылат, андан соң, бул Мамлекет коңшу өлкөлөргө, алар араб өлкөлөрү же башка өлкөлөр болушуна карабастан, кеңейип барат.

Ойгонуунун чыныгы философиясы фикрат жана тарыйкатты өзүндө камтыган мабда деп айтып өттүк. Ойгонууга алып бара турган олуттуу иш-аракет менен алектенүүнү көздөгөн ар кандай уюм бул экөөсүн жакшы түшүнүп алышы зарыл.

Бул мабда ачык-айкын болду жана уюушуу үчүн аны түшүнүп алуу жеңил болуп калды. Ошондуктан, мабда ушундай түстө жетиштүү даражада баян кылынган соң, мабданы ушундай түшүнүүдөн кийин жүзөгө келген уюм таасир көрсөтүүчү, жаңы чечимдерди ойлоп табуучу, өсүп баруучу болушу жана коом аны өз кучагына алып, аны коргоого жана анын жүктөрүн өз желкесине алууга ылайык болушу табигый. Себеби, ал – өз фикратын өздөштүрүп алган, тарыйкатын билип, маселесин түшүнүп алган уюм.

Бирок, уюмдун мабданы жакшы түшүнүп жеткенинин өзү чыныгы ойгонууга алып барбайт. Балким, уюмдагы адамдар бул уюмга жарактуу болсо жана бул адамдарды тайпада байлап тура турган робыта болсо гана чыныгы ойгонууга алып барат. Уюмдагы байлоо тарыйкатына карай, адамдардын жарактуу экендиги белгиленет. Мабдаий хизб акыйданы кабыл алууну жана хизбий сакофатта бышып жетилүүнү өз уюмуна

байлоо тарыйкаты кылып белгилейт. Ошондуктан, даъват жеке адамдар менен биригип кеткен убакта, хизбге кошулуулары менен алардын жарактуулугу табигый белгиленет. Демек, алардын жарактуулугун белгилеген нерсе хизб комиссиясы эмес, балким, байлоо тарыйкаты болуп жатат. Себеби, бул жеке адамдарды тайпада байлап турган робыта – Акыйда жана ушул Акыйдадан келип чыккан хизбий сакофат.

Эгер биз өтүп жаткан кылым ичинде жүзөгө келген уюмдарды көздөн кечирсек, уюшуулардын туура эмес тарыйкаты алардын ийгиликсиздикке учурашынын негизги себеби болгондугун көрөбүз. Себеби, алар мабданы чыныгы түшүнүүнүн натыйжасында жүзөгө келген хизбий негизге курулган эмес, балким, курулай топтолуу негизине, же кара күчкө гана болгон хизбий негизге курулган.

Мунун себеби мындайча, мусулмандар биринчи дүйнөлүк согуштан мурун өздөрүнүн Исламий Мамлекети бар деп сезишчү эле. Бул Мамлекет – алсырагандыгына, кулап бара жатканына жана ага ар түрдүү назарда каралып жатканына карабастан – бардыгынын көңүл борборунда турчу эле. Арабтар «мамлекет биздин акы-укугубузду тебелеп жатат, ал биздин үстүбүздөн өкүмдар» деп эсептешчү эле. Бирок, ошондой болсо да, аны оңдоо максатында ага бүткүл этибарын каратар эле. Анткени, эмнеси болсо да, бул мамлекет алардын да мамлекети эле. Аларга ойгонуунун түп негизин жана анын тарыйкатын түшүнүү жетишпес эле о.э. алардын ортосунда уюшуу пайда болбогон эле. Булар мусулмандардын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн деп айта алабыз.

Бирок, бул кылымда чет элдик сакофат Ислам өлкөлөрүнө чабуул кылган эле. Анын жардамында колонизаторлор бир тайпа мусулмандарды өздөрүнө тартышып, аларды Исламий Мамлекет ичинде «бөлүнүп чыгуу» жана «эгемендүүлүк» негизинде хизбий уюмдарды түзүүгө кызыктыра алды. Колонизаторлор, өзгөчө, бир тайпа арабтарды өздөрүнө тартып, «Арабтардын Осмоний Мамлекеттен көз карандысыз болушу» наамы менен Исламий Мамлекетке каршы күрөш алып бара турган уюмду түзүү максатында, аларды Парижде топтоого жетишишти. Алардын ортосун ошол чет элдик сакофат, чет элдик пикирлер о.э. капыр колонизатор аларда пайда кылган мекенчилдик жана улутчулдук туйгулары бириктирди. Натыйжада, алардын аклый жана туйгу робыталары бир бүтүн робытага айланып, аларды бир гана мантык бириктирди. Бул нерсе бир максатка алып барды. Максат болсо – Осмоний мамлекет арабтардын кызыкчылыктарына көз жумганы, аларга зордук-зомбулук кылууну жана укуктарын тебелеп-тепсөөнү өзүнө мүмкүн деп билгени себептүү – араб калкынын андан бөлүнүп чыгып, эгемендүү болушу эле. Мына ушул «жалгыз максат» арабтардын кара күчкө хизбий түстө уюшуулары үчүн курал болду. Бул нерсе «Араб козголоңун» даярдоого алып барды. Натыйжада, исламий өлкөлөргө, айрыкча, араб өлкөлөрүнө куфр жана колонизаторлуктун таасири

жайылды. Муну менен бул хизбдердин милдети аягына жетти. Бул хизбдер кээ бир исламий өлкөлөргө колонизатордун малай акимдери болуп калуу менен олжолорду бөлүп алышты.

Ислам Мамлекети жок кылынгандан кийин, анын ордун колонизаторлор ээлеп алды жана араб өлкөлөрүн түздөн-түз башкарып, калган исламий өлкөлөргө таасирин жая баштады. Ошентип, алар араб өлкөлөрүн чындап басып алды жана өзүнүн жашыруун ыкмалары жана жийиркеничтүү жолдору менен анын ар бир бөлүгүндө кадамдарын бекемдей баштады. Чет элдик колонизаторлук сакофат, мал-дүйнө жана малай акимдер бул ыкма жана жолдордун эң маанилүүлөрү эле.

Чындыгында, куфр жана колонизаторлукту бекем орнотууда, ойгонуунун ишке ашпашында жана уюшкан кыймылдардын – алар коом түрүндө болсо да, хизбий көрүнүштө болсо да – ийгиликке жете албашында чет элдик сакофаттын чоң таасири болгон эле. Себеби, турмуш агымына таасир көрсөтүүчү адамдын пикирине сакофаттын чоң таасири бар. Колонизатор таалим жана сакофат программаларын турмуш жөнүндөгү өз көз карашы болгон анык белгиленген философия негизинде т.а. «материяны рухтан жана динди мамлекеттен ажыратуу» негизинде иштеп чыкты. Жалгыз өзүнүн шахсиятын сакофатыбыз алына турган негиз кылып койду. Дүйнө карашын, түшүнүктөрүн, өлкөлөрүн түзүүчү факторлорду, тарыхын жана чөйрөсүн биз акылдарыбызды толтуруп ала турган пикирлер үчүн негизги булак кылып койду.

Колонизатор муну менен эле чектелип калбады, балким, өз шахсиятын бизге берип жаткан түшүнүк жана акыйкаттарында атайлап чалгытууну да иштетти. Бул шахсияттагы колонизаторлук сүрөтүн тескери көрсөтүп, ага үлгү кылып алына турган үлгүлүү шахсият, ансыз жашап болбой турган күчтүү шахсият түсүн берди жана жийиркеничтүү ыкмаларынын жардамында колонизаторлуктун чыныгы кебетесин жашырды. Андан соң, бул программалардын бир да бөлүгү бул жалпы негизден сыртка чыкпашы үчүн, алардын икир-чикирине чейин аралашты. Ошондуктан, биз бузук сакофат менен тарбияланган «интеллигенттер» болуп калдык. Бул сакофат бизге башкалардын кандай пикир жүргүзүшүн үйрөттү, ал эми, табийгый түрдө, бизди өзүбүздүн кандай пикир жүргүзүшүбүздү үйрөнө албай турган кылып койду. Себеби, пикирибиз чөйрөбүздөн, шахсиятыбыздан, тарыхыбыздан үзүлүп калган эле жана мабдабыздан чыкпаган эле. Муну менен биз «интеллигенттер» катары элден жат болуп калдык, өз чөйрөбүздү жана анын муктаждыктарын түшүнүп жете албай турган болуп калдык. Ушул себептен улам, бул «интеллигенттер»дин туйгулары «пикирлеринен», «акыл»дарынан ажыралып калды жана табигый түрдө алар үммөттөн, алардын туйгуларынан, сезимдеринен ажыралып калды. Мындай пикирдин исламий өлкөлөрдө өкүм сүргөн абалды жана үммөт муктаждыктарын туура түшүнүүгө жана ойгонуу жолун түшүнүп жетүүгө алып барбашы табигый эле. Себеби, бул пикир

туйгусуз болбосо да, туйгудан бөлүнүп калган пикир эле. Мындан тышкары, бул пикир Исламий туйгусу болгон адам көтөрүп жүргөн чет элдик пикир эле. Ошондуктан, бул пикирдин туура түшүнүүнүн натыйжасында жүзөгө чыга турган туура уюшууга алып барбашы табигый эле.

Чет элдик сакофаттын таасири «интеллигенттер»дин өзүнө эле чектелип калбады, балким, бул сакофат таркатып жаткан пикирлердин айынан, бардык коомдун пикири туйгусунан бөлүнүп калды. Мунун натыйжасында, коомдогу проблема чиеленишти жана туура хизбий уюмдун желкесиндеги ойгонуу жүгүнүн оордугу биринчи дүйнөлүк согуштан мурдагыга караганда бир нече эсеге көбөйдү. Себеби, мурда үммөт же хизбдин алдында турган проблема исламий коомду ойготуу проблемасы болсо, азыркы проблема интеллигенттерде пикир жана туйгу уйгундугун жүзөгө келтирүү болуп калды. Анткени, бул интеллигенттер туйгудан ажыралган, куру чет элдик пикирге ыклас коюшкан эле. Бул ыклас аларды өз коомдорунан жатыркап калууга, аны кемсинтүүгө, андан алыстоого жана ага кайдыгер кароого алып барды. О.э. аларды бул ыклас – мейли, колонизатор болсо да – чет элдик менен достошууга, аны урматтоого, ага жакындашууга жана ага көңүл коюп кароого үндөдү. Ошондуктан, мындай «интеллигент» өз өлкөсүндөгү абалдарды көз алдына келтире албайт. Чет элдик өз өлкөсүнүн абалдарын кандай элестетсе, ал да ага ээрчип, өз өлкөсүнүн абалдарын ошондой элестетет. Бул абалдардын түпкү негизин түшүнүп жетишпейт. Ушул себептен улам, бул интеллигент үммөттү ойгонууга алып баруучу факторлорду чет элдик адам ойгонуулар жөнүндө сүйлөгөндө жалаң ага ээрип гана биле турган болуп калды. Бул интеллигенттин сезимдери мабда үчүн аракетке келбейт. Балким, мекен, улут үчүн аракетке келет, бул болсо ката аракет. Ушуга карабастан, ал өз өлкөсү үчүн чын дилден козголбойт жана өз эли үчүн өзүн бүтүндөй курман кылбайт. Себеби, ал өз айланасындагы абалды пикран сезбейт. Элдин муктаждыктарын пикирлеп сезбейт. Эгер ал козголуп ойгонууну талап кылса да, бул анын жеке кызыкчылыктарына зыян жеткендиктен жүзөгө келген болот, же башка элдердин козголоңдоруна ээрчиген козголуу болот. Ошондуктан, ага мансап берилиши менен, же анын талаптары орундалышы менен, ага жетип жаткан зыян жоголгон кезде, анын козголуусу аягына жетет. Же козголуусу шахсиятына, пайдасына тескери келген убакта, же бул козголуудан өзүнө азар жеткен убакта да козголушу аягына жетет.

Мындай интеллигентти эң туура мабдаий сакофат менен т.а. Ислам сакофаты менен жаңыдан тарбиялоо аркылуу анын пикири менен туйгусунун ортосунда уйгундукту пайда кылып, дабалагандан кийин гана анда туура уюшуу жүзөгө келиши мүмкүн. Мындай тарбия аркылуу дарылоо анын акылы жаңыдан калыптандырылышы зарыл болгон окуучу деп көңүл буруунун талап кылат. Бул проблема чечилгенден кийин, аны

менен коомунун ортосунда уйгундукту пайда кылууга өтүлөт. Ошондо «коомду ойготуу» проблемасын чечүү оңой болот. Эгер чет элдик сакофат болбогондо, ойгонуу кыйынчылыктары азыркыга караганда азыраак болор эле.

Ушуга караганда, коомдогу мындай чет элдик сакофат менен бирге туура хизбий уюм жүзөгө келиши мүмкүн эмес жана анын негизинде да мындай уюмдун жүзөгө келиши мүмкүн эмес.

Колонизатор капыр бул сакофат менен чектелбеди, балким чөйрөнү саясий жана философиялык пикир жана райлар менен уулады. Булардын жардамында мусулмандардагы туура көз караш о.э. Исламий чөйрөнү бузду жана турмуштун түрдүү тармактарында мусулмандардын пикирин чиелештирип жиберди. Колонизатор муну менен мусулмандардын табигый этияттыктарынын негизи болгон борборду жок кылды. Ойгонуу жолундагы ар кандай аракетти мууздалган жаныбарлардын аракети сыяктуу – өчүп калуу, үмүтсүздүк жана моюн сунуу менен аягына жете турган тартипсиз, бири-бирине тескери аракетке айлана турган кылып койду. Чет элдик өз шахсиятын сакофат борбору жана бардыгы умтула турган жер кылып коюудан саясий жактарда да пайдаланып, саясат кишилерин же саясат менен алектенүүчүлөрдүн бүткүл көңүлүн чет элдиктен жардам суроого жана ага сүйөнүүгө каратып койду. Ошондуктан, уюмдардын көпчүлүгү өздөрү сезбеген абалда чет элдиктен жардам сурооого умтула баштады. Натыйжада, исламий өлкөлөрдө чет мамлекеттерден жардам суроону жактай тургандар чыкты. Негизи болсо, алар чет элдиктен ар кандай жардам суроону жана чет элдикке сүйөнүүнү колдоп-кубаттоо – ал кандай түрдө болбосун, мейли, жакшы ниетте болсо да – чет элдик тарабынан ишке ашырылып жаткан уулоо жана үммөткө кыянат кылуу деп эсептелишин түшүнүшпөс эле. Алар өз маселебизди башкаларга байланыштуу кылып коюу саясий өлүм экендигин билбей турган болуп калышты. Ошондуктан, пикири чет элге сүйөнүү же аны колдоп-кубаттоо менен ууланган уюмдардын эч биринин жүзөгө келишинде ийгилик болушу мүмкүн эмес.

О.э. колонизатор коомду тар регионалдык максаттар менен уулаганы сыяктуу, мекенчилдик, улутчулдук жана социализм максаттары менен да уулады жана муну азыркы күндө кылына турган иштердин негизине айландырды. Ушуну менен бирге, «Исламий Мамлекет кайра тикелениши ишке ашпай турган иш, маданияты, расасы жана тили ар түрдүү болгон исламий өлкөлөрдүн биригиши мүмкүн эмес» деп уулады. Негизи болсо, булардын бардыгы бир үммөт болуп, бул үммөттү өзүнөн түзүм келип чыга турган Исламий акыйда байланыштырып турат. О.э. коомду баш аламан, чиеленишкен саясий пикирлер менен да уулады. Мисалы, «Ал жана талап кыл», «Эл – бийлик булагы», «Кожоюндук элдики» ж.б.у.с. Жана дагы ката пикирлер менен да уулады. Мисалы, «Дин Алланыкы, мекен бардыгыныкы», «Бизди кайгы-кубанычтар, арзуулар бириктирип

турат». «Мекен баарынан улуу». «Мекенге даңк» ж.б.у.с. О.э. реалисттик реакциячыл пикирлер менен да уулады. Мисалы, «Учурдагы абалга ыраазы болуу», «Реалист болушубуз керек» ж.б.

Мындай ууландыруулардын натыйжасында, исламий өлкөлөрдөгү, алардын катарында араб өлкөлөрүндөгү коом туура уюшуу жүзөгө келишине алып барбай турган абалга келип калды. Ошондуктан, куру аты эле бар хизбий уюмдардын ийгиликке жетише албагандыгы таң калыштуу эмес эле. Себеби, алар бекем тартипке жана ишеничтүү даярдыкка алып баруучу терең пикирге негизделбеген эле, балким, эч кандай негизсиз пайда болгон эле.

Мына ушундан, Ислам дүйнөсүндө, айрыкча, араб дүйнөсүндө жүзөгө келген хизбдер, мабдага негизделбегени себептүү, чачыранды хизбдер болушу табигый эле. Аларды күзөтүүдөн төмөндөгү нерселер даана көрүнөт: Бул хизбдер хизбий уюмдардын жүзөгө келишин талап кылган шарттар пайда кылган өткүнчү мамилелер негизинде жүзөгө келген эле. Бул шарттар өтүп кеткенден кийин алардын артынан хизбдер да өтүп кетти же күчсүздөнүп жок болуп кетти. Же бул хизбдер бир нече адамдардын өз ара достук мамилелери себептүү биригип, анын негизинде уюшууларынын натыйжасында жүзөгө келген эле. Бул адамдар өз чөйрөлөрүнө чектелип калгандыктан, алардын уюшуулары да аягына жеткен. Же бул хизбдер убактылуу жеке кызыкчылыктар, же мындан башка нерселер негизинде жүзөгө келген эле. Ушул себептен улам, мындай чөйрө жана коомдордо жогорудагы негиздер боюнча уюшкан жеке адамдар ортосунда мабда негизиндеги хизбий робыта пайда болбоду. Мындай уюмдардын бар экендиги пайдасыз гана болуп калбастан, балким, үммөткө зыяндуу болду. Мындай хизбдер коомдо болушу эң туура хизбий кыймылдардын пайда болушуна тоскоолдук болушунан тышкары, же алардын пайда болушун кийинкиге сүрүп жиберүүдөн тышкары, алар адамдардын дилдерине үмүтсүздүк уруктарын себишет, жалпы элдин жүрөгүн карайтат жана күмөндөр менен толтурат, туура болсо да ар бир хизбий кыймылга ишенчсиздик менен карай турган кылып коёт. Адамдар ортосуна жекече жана уруучулук касташуу уругун себет, аларга өзүнүн ыкмалары аркылуу туруксуздукту жана пайда артынан түшүүнү үйрөтөт. Башкача айтканда, элдин таза табиятын бузат жана эл ичинен чыгышы анык болгон туура хизбий уюмдар үстүндөгү жүктүн оордугун дагы да оорлотот.

Исламий улутчулдук жана мекенчилдик кыймылдарынын сабына маддийлик негизине курулган коммунисттик кыймылдар да кошулду. Алар Россиядагы коммунисттик кыймылга көз каранды болуп, анын көрсөтмөлөрү менен башкарылар эле. Анын тарыйкаты бузуу жана ойрон кылуудан турат. Анын максаты исламий өлкөлөрдө коммунисттик пикирлерди пайда кылуу менен бирге, бул кыймыл жетекчилеринин – чыгыш лагердин агенттери катары, чыгыш лагердин пайдасына – батыш

колонизаторлугуна ташбиш туудуруусунан турар эле. Бул кыймылдар Ислам үммөтүнө туура келбеди жана бир да натыйжага жетише албады. Себеби, алар адамдын табиятына жана Ислам акыйдасына тескери болгондуктан, алардын ийгиликке жетишпөөсү табигый эле. Алар мекенчилдиктен өз максаттары жолунда пайдаланышты. Булар да коомдун алын куруткан чиеликтерге кошулган дагы бир чиелик болду.

Коомдор негизинде да уюмдар жүзөгө келди. Исламий өлкөлөрдө кайрымдуулук максаттарын көздөгөн жергиликтүү жана регионалдык коомдор пайда болуп, мектеп, оорукана жана жетимканалар курду жана кайрымдуулук иштеринде көмөктөштү. Бул коомдордон тайпачылык белгилери даана көрүнүп турар эле. Колонизатор бул коомдорду колдоп-кубаттады, натыйжада, алардын кайрымдуулук иштери адамдарга көрүндү. Алардын көпчүлүгү билим берүү жана кайрымдуулук коомдору болуп, алардын арасында саясий коомдор өтө сейрек кездешер эле.

Эгер бул коомдордун натыйжаларына көңүл коюп каралса, алардын үммөткө пайда келтире турган, же ойгонууга жардам бере турган бирер натыйжа бербегендиги маалым болот. Алардын зыяны сезилбес даражада болуп, көңүл коюп караган адамга гана көрүнөр эле. Жузъий (кийинки даражадагы кээ бир) пайдаларды этибарга албаганда, алардын болушунун өзү эле чоң зыян. Мунун себеби, бүткүл Ислам үммөтүндө кээ бир исламий пикирлердин бар болгондугу, кээ бир шаръий өкүмдөрдүн колдонулуп жаткандыгы жана анда Ислам таасиринде исламий туйгулар орношкону себептүү, бул үммөттө ойгонуу сезимдери жана жакшылыкка умтулуу туйгулары о.э. уюшууга табигый ыктоо жоголбогон эле. Себеби, Исламдын руху жамаий рух болуп, эгер Ислам Үммөтү өз абалына таштап коюлса, бул сезим (логикалуу түрдө) пикирге айланат жана бул пикир үммөттө ойгонууга алып бара турган ишти пайда кылат. Бирок, ушул коомдордун болушу мунун алдын тосту. Себеби, алар бул туйгуларды жана бул сезимди ушул жузъий иш-аракетке буруп жиберди. Муну менен, коом мүчөсү өзүнүн мектеп же оорукана курганын, же изги иштердин бирине салым кошконун көрүп, андан ырахаттанат жана көңүл токтукту сезип, мына ушул иши менен канааттанып калат. Эгер мындай коомдор пайда болбогондо, жамаий рух аны туура уюшууга т.а. туура ойгонууну пайда кыла турган хизбий уюшууга үндөр эле.

Билим берүү жана кайрымдуулук коомдору менен бир катарда, «адеп-ахлак – ойгонуунун негизи» деп, үммөттүн ойгонушу үчүн ахлак негизинде үгүт-насааттар, маъруза-баяндар жана баракчалар жардамында иш алып бара турган ахлакый коомдор жүзөгө келди. Бул коомдордо өтө чоң күч жана көптөгөн каражаттар сарпталды. Бирок, алардын айтарлык натыйжалары болбоду жана алар кайталана берип сыйкасы чыккан зеригиштүү сөздөрү менен үммөттүн ойгонуу туйгусун өчүрдү. Бул сыяктуу коомдор Алла Тааланын Расул алайхиссаламга кайрылган:

﴿وَإِنَّكَ لَعَلَىٰ خُلُقٍ عَظِيمٍ﴾

- *«Албетте, сен <u>улуу кулк</u> үстүндөсүң».* [68:4]

деген мазмундагы сөзүн ката түшүнүүнүн негизинде жүзөгө келген эле. Негизи, бул кайрылуу коомду эмес, Расулулла ﷺдын шахсын сыпаттоо болуп саналат. О.э. бул коомдор пайгамбарыбыздын: «Алла Таала мени улуу ахлактарды камалына (эң жогорку чегине) жеткизүү үчүн жиберди» жана «Мен улуу ахлактарды камалына жеткизүү үчүн жиберилдим» деген хадистерин туура эмес түшүнүүнүн негизинде пайда болгон эле. Негизи, бул жана бул сыяктуу хадистер жамааттын сыпаттарына эмес, жеке адамдын сыпаттарына тиешелүү. О.э. алар акындын:

«Үммөттөр үммөт болот, ахлактары бар болсо,
Жоголот бирге алар да, ахлактары жоголсо,»

- деген сөзүндөгү ката түшүнүккө негизделишти.

Негизи, үммөттөр адеп-ахлак менен эмес, балким, кабыл алган акыйдасы, көтөрүп чыгып жактан пикирлери жана колдонуп жаткан мыйзамдары менен үммөт болот. О.э. бул коомдор «коом жеке адамдардан түзүлөт» деген коомдун маанисин ката түшүнүүнүн негизинде жүзөгө келди. Негизи, коом белгилүү бир бөлүктөрдөн т.а. адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардан түзүлгөн бир бүтүн нерсе. Ошондуктан, коомдун бузулушу адамдын бузулушунан эмес, балким, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардын бузулушунан келип чыгат. Коомду оңдоо болсо, анын пикирлерин, туйгуларын жана мыйзамдарын оңдоо менен болот.

О.э. бул коомдор көптөгөн ислохотчу (оңдоп-түзөтүүчү) жана адеп-ахлак аалымдарынын элестетүүлөрүндө орношуп калган түшүнүктүн негизинде т.а. «Жамаатты жеке адам гана бузат, адамды тикелей турган жана буза турган фактор болсо, анын адеп-ахлагы. Жакшы кулк адамды күчтүү, түз-туура, активдүү, коомго пайдалуу адамга о.э. жакшылык үчүн, коомду оңдоо үчүн аракет кыла турган кишиге айландырат. Жаман кулк болсо, алсыз, суз, коомго эч кандай пайда алып келбей турган, турмушта көңүл каалоолорун кандыруудан жана жеке кызыкчылыктарын ишке ашыруудан башка эч кандай ташбиши жок эгоист кишиге айландырат» деген түшүнүктүн негизинде жүзөгө келди. Ошондуктан, алар жамаатты оңдоо жеке адамды оңдоо аркылуу гана жүзөгө келет деп ойлоп, коомду ахлакый программа негизинде оңдомокчу болушту жана үммөттү ойготууга ахлакты восита-жол кылып алышты.

Ахлак негизине курулган ислахий (оңдоп-түзөтүүчү) кыймылдардын баары ийгиликсиздикке учурагандыгына карабай, адамдар дагы деле «ахлак оңдоонун негизи» деген ишенимде. Алар кудум ушул негизде ислахий коомдор түзүштү. Негизи, жеке адам жамааттын бир бөлүгү болсо да, түпкүлүгүндө, жамаатты оңдоо жолдору жеке адамды оңдоо

жолдорунан башка. Себеби, жамааттын бузулушу анын жамаий туйгуларынын, пикирий, рухий мухиттеринин бузулушунан о.э. жамаатта чие түшүнүктөрдүн бар экендигинен келип чыгат. Башкача айтканда, «урфи омм»дун бузулушунан келип чыгат. Жамаатты оңдоо «туура урфи омм»ду пайда кылуу менен гана ишке ашат. Тактап айтканда, жамаатты оңдоо аны туйгуларынын оңдоо, сак-саламат рухий чөйрөлөрдү жана рухий жакка уланып кеткен пикирий чөйрөлөрдү пайда кылуу о.э. түзүмдүн мамлекет тарабынан колдонулушу аркылуу ишке ашат. Булар Исламий чөйрөлөрдү пайда кылуу менен гана жүзөгө келет. Ал үчүн бардык адамдардын нерселер жөнүндөгү түшүнүктөрүн туурлоо зарыл. Ошондо жамаат да, жеке адам да оңолот. Бул иштер коом негизинде уюшуу менен да, ахлак жана үгүт-насаатты уюшуунун негизи кылып алуу менен да ишке ашпайт.

Мына ушундан улам, коомдор негизиндеги бардык уюмдар ойгонууну же түзөтүүнү пайда кылууда ийгиликсиздикке учурады. О.э. белгилүү бир мадбага негизделбеген, эч бир түшүнүүнүн натыйжасында вужудка келбеген жана робытасы мүчөлөрүнүн ортосун бириктирүүчү туура факторго негизделбеген, кара күчкө эле хизбий негиздеги бардык уюмдар да ийгиликсиздикке учурады.

Мындан тышкары, бул уюмдардын ийгиликсиздикке учурашы анын мүчөлөрү тарабынан болору да анык эле. Анткени, бул уюмдарда фикрат жана тарыйкаттын жоктугунан жана алардын уюшуудагы тарыйкаттын каталыгы сабептүү туура уюшуу негизине курулбаганынан тышкары, алар өз уюмдарын жеке адамдын өз укугу негизинде эмес, балким, адамдын коомунда туткан орду жана анын хизб же коомго мүчө болушунан нак пайда келиши мүмкүндүгү негизинде курушкан эле.

Мүчө бул уюмга ылайык же ылайык эместигине карабастан, ал өз коому ичинде абройлуу, жамааты арасында бай-дөөлөттүү болгонуна карап, же адвокат, же дарыгер, же мартабалуу жана таасирдүү болгонуна карап, мүчөлүккө тандалар эле. Ошондуктан, бул уюмдарда тапчылдык жааты үстөм болгондой эле, мүчөлөрүнүн арасында чачкындык да даана көрүнүп турар эле. Хизб же коомдун мүчөлөрүнө «Биз элдин калган бөлүгүнөн мал-дүйнө жана кадыр-баркыбыз менен эле эмес, балким, хизб же коомго мүчөлүгүбүз менен да айырмаланып турабыз» деген ички туйгу өкүмдар эле. Ошондуктан, булар менен элдин ортосунда эч кандай таасир кылуу же жакындашуу жүзөгө келбейт. Натыйжада, мындай коом же хизбдин болушу, өлгөндүн үстүнө көмгөндөй, коомдун алын курутуп жаткан проблемаларга дагы кошумча проблема болот.

Ошондуктан, үйрөнүү, пикирлөө жана күзөтүүлөрдөн кийин, бардык исламий өлкөлөрдө өтүп жактан кылым ичинде ойгонууга алып бара турган бир да туура уюм пайда болгон жок, Үммөт жалаң уюм аркылуу ойгонсо да, пайда болгон бардык уюмдар туура эмес негизге курулгандыктан, ийгиликсиздикке учурады деп айта алабыз. Ушундай

болгон соң, үммөттүн ойгонушуна себеп боло турган туура уюм кандай болот? Төмөндө ушуну баян кылабыз.

Үммөттүн ойгонушуна себеп боло турган туура уюм мыйзамы белгилүү бир иш жана сөздөр менен, же жалаң гана белгилүү бир сөздөр менен, же жалаң гана белгилүү бир иштер менен алектенүүнү талап кыла турган коом негизинде болушу мүмкүн эмес. Бул сыяктуу уюмдар ойгонууну каалап жаткан үммөттүн ичинде күчөтүлүшү мүмкүн эмес. О.э. туура уюм Ислам дүйнөсүндө биринчи дүйнөлүк согуштан бүгүнгө чейин жүзөгө келген мабдаий эмес хизбдер негизинде болушу да мүмкүн эмес.

Туура уюм Исламий мабдаий хизбий негизге курула турган уюм болуп, фикрат хизб денесинин жаны, анын негизи жана жашоосунун мазмуну болот. Хизбдин биринчи клеткасы фикратты жана ушул фикрат жынысынан болгон тарыйкатты өзүндө камтыган, ал тургай, тазалыгы жана тунуктугунда фикратка, ачык-айкындыгы жана түз-тууралыгында тарыйкатка окшогон адамдан турган болот. Качан бул үч нерсе: терең фикрат, ачык-айкын тарыйкат жана таза адам вужудка келсе, биринчи клетка пайда болот. Кийин бул клетка тездик менен бир нече клеткаларга көбөйүп, бул клеткалар хизбдин биринчи халкасы – Хизб Кыядаты болот. Качан биринчи халка вужудка келсе, хизбий тайпа өсүп чыккан болуп эсептелет. Себеби, бул халка эч канча убакыт өтпөстөн тайпага айланат. Ошондо бул тайпа фикрат жана тарыйкатты кабыл алып жаткан адамдардын ортосун байлап тура турган робытага болгон муктаждыкты сезет. Бул хизбий робыта – хизбдин философиясы келип чыга турган Акыйда жана хизбди өз түшүнүктөрү менен өзгөчөлөнтүп тура турган сакофат. Ушул кезде, хизбий тайпа калыптанып, турмуш майданында жүрө баштайт. Ысык-суукка, бороон-чапкынга жана жумшак-сыдырым желге, булуттуу жана ачык күндөргө туш келет. Бул тайпа ушул нерселерге туруштук берсе, демек, фикраты тунукташкан, тарыйкаты ачык болгон, адамдарын даярдаган, робытасын күчөткөн болот жана даъват менен иш-аракетте ал хизбий тайпадан чыныгы ойгонуу үчүн иш алып бара турган толук кандуу, мабдаий хизбге карай кадам таштоого кудуреттүү болгон эсептелет. Негизи фикрат болгон туура уюм мына ушул. Себеби, фикрат – турмуштун негизи.

Ойгонууну каалап жаткан үммөт ичинде мындай мабдаий хизбий уюм табигый түрдө кандайча пайда болот? Төмөндө ушуну баян кылабыз.

Үммөт бөлүнгүс бир бүтүн дене болуп, ал өзүнүн жалпы түзүлүшүндө адамга окшойт. Адам өлө турган даражада катуу кесел болуп, кийин жандана баштаса, бир бүтүндүк катары, анын бүткүл денеси жандана баштайт. Ушул сыңары, калак үммөт кесел үммөт болуп эсептелет. Эгер ал жандана баштаса, бир инсаний бирикме катары, бир бүтүндүк деген этибар менен, бүткүл үммөт жанданат. Аткарылышы үчүн өзүнүн тарыйкатына ээ болгон, ушул тарыйкат менен биргеликте мабда деп

атала турган нерсени түзүүчү фикрат – үммөт үчүн жандануунун фактору болуп саналат.

Үммөттө мабданын болушунун өзү эле аны жандантуу үчүн жетиштүү эмес. Балким, үммөттүн мабданы таап, аны өз турмушунда амалий орунга коюшу үммөттү тирүү үммөткө айландырат. Анткени, мабда үммөттүн мыйзамчылык, сакофий жана тарыхый мурастарында бар болсо да, кээде үммөт мабданын өзүнөн, же мабданын фикратынан, же тарыйкатынан, же фикрат менен тарыйкатты бири-бирине байлоодон кабарсыз болот. Мындай абалда фикрат менен тарыйкаттын болушунун өзү эле ойгонууга алып барбайт.

Адатта, үммөт катуу силкинүүлөр жүз беришинин натыйжасында жандана баштайт. Мындай силкинүүлөрдүн натыйжасында, үммөттө ортоктош сезим пайда болот жана бул жамаий сезим силкинүүлөрдүн себеп жана акыбеттерин, алардан куткаруучу алыскы жана жакынкы жолдорду үйрөнүү аркылуу, белгилүү бир маселелер келтирип чыгаруучу пикирий ишке алып келет. Бул маселелер далилдер негизинде келтирилет. Натыйжада, бул маселелерден жана алардын мантыкыйлыгынан (логикалуулугунан) туура пикир жүзөгө келет. Бул пикир мантыкка т.а. далил негизиндеги маселелерге үзгүлтүксүз байланып турат. Мындай үзгүлтүксүз байлануунун натыйжасында пикир кеңейип, үммөттүн өтмүшүн, азыркысы менен келечегин, эл жана үммөттөрдүн тарыхын, окуя-адиселерин, алардын пикирлерин жана ойгонуу ыкмаларын о.э. салыштырууларды камтып алат. Мындай абалда акыл мабданы фикрат жана тарыйкаты менен табат, мабданын тууралыгын, жарактуу жана натыйжалуу экенин мантыкый маселелер тастыктаган соң, мабданы идирек кылып, ага ыйман келтирет. Ушул мабданы табуу жамаатта жамаий түрдө болот. Анткени, жаматтын жалпы сезими ушуга алып келет.

Бул сезим жамааттагы адамдар арасында жалгыз жана ортоктош болсо да, бирок, Алланын өзгөчө жөндөм берүү менен адамдарды бул сезимге канчалык даярдаганына карай, алар түрдүү даражада болот. Ошондуктан, жамааттын фикратты тапкандыгы анда жашырынып жүзөгө чыкпай турат. Качан гана тапкандыгынын таасири жыйылып, бийик даражадагы сезимге ээ адамдарда топтолсо, аларды ойготуп, илхамдандырат жана аларда аракет пайда кылат. Бул убакта жандануунун белгилери оболу ошол жеке адамдарда көрүнөт.

Бийик даражадагы сезимге ээ ушул адамдарда жамааттын сезимдери өз чагылуусун таап, аларда фикрат борборлошот, кийин аларда аң-сезим жана идиректин кыймылы пайда болот. Алар үммөттүн көздөрү жана үммөт ичиндеги аң-сезимдүү катмар болуп саналат.

Бирок, бул аң-сезимдүү катмар бир нече жолдордун алдында кайсы биринен жүрүүнү билбей калат жана туруксуз болот. Бирок, бул жамаий катмардагы аң-сезимдин кыймылы түрдүү даражада болуп, кээ

бирлериндеги сезим мантыкы башкасыныкына караганда күчтүүрөөк болот. Ошондо бул аң-сезимдүү катмардан тандалма тайпа жүзөгө келип, үйрөнүү жана терең изденүүлөрдүн натыйжасында, жолдордун бирин тандайт. Көздөлүп жаткан максатты көрүп тургандай сыяктуу, жолдун ачык-айкындыгын да көрөт жана ушул жолдон жүрүп, максатын көздөй аракет кылат. Ошентип, бул тайпа мабданы фикрат жана тарыйкаты менен таап, ага бекем акыйда катары этикат кылат жана мабда анда көрүнүп, анын акыйдасына айланат. Ушул акыйда хизб сакофаты менен биргеликте, ушул тайпа адамдарынын ортосун байлап туруучу робытага айланат.

Мабда жеке адамдарда көөдөлөнгөн (калыптанып көрүнгөн) чакта, ал жүзөгө чыкпастан жашырынып тура албайт. Балким, мабда аларды мабдага даъват кылууга үндөйт. Ошондо алардын иштери мабда негизинде калыптанып, анын программалары боюнча жүрөт, чегаралары менен чектелет. Алардын бүткүл жашоосу мабда үчүн, ага даъват кылуу үчүн жана анын милдеттерин аткаруу үчүн болуп калат. Бул даъват адамдардын мына ушул мабданы кабыл алууларын жана үммөт арасында мабда жөнүндө жалпы аң-сезим жүзөгө келишин максат кылат. Кийин биринчи халка тайпага айланып, тайпа өз кезегинде мабдаий хизбге айланып, эки жактан табигый түрдө өсө баштайт: биринчи, мабданы толук аң-сезимдүү түрдө кабыл ала турган клеткаларды пайда кылуу аркылуу өз клеткаларын көбөйтүү; экинчи, бүткүл үммөттө мабда жөнүндөгү жалпы аң-сезимди жүзөгө келтирүү. Мабда жөнүндөгү ушул жалпы аң-сезимден пикирлер, райлар жана этикаттардын – үммөттө жалпы көрүнүштө болбосо да – массалык түрдө бирдейлешүүсү пайда болот. Муну менен үммөттүн максаты, акыйдасы о.э. турмуш жөнүндөгү көз карашы бирдейлешет. Ошондо хизб Үммөттү эритип, анын калакташуусуна себепчи болгон, же калактанганда пайда болгон кир жана бузукулуктардан тазалай турган чоң казанга айланат. Мындай эритип тазалоо ишине үммөт ичиндеги хизб башчылык кылат. Ошондуктан, бул ишти өз фикраты менен жашап жаткан, жашоосун фикратына багыштанган жана баса турган ар бир кадамын түшүнө турган хизб гана аткара алат.

Мунун себеби, хизбдеги пикирге алып бара турган сезим бул пикирди Үммөт ичинде бир нече пикирлер арасында көрсөтөт. Натыйжада, бул пикир ошол пикирлердин бирине айланат. Алгач ал пикирлердин эң алсызы болот. Себеби, ал эми гана жүзөгө келип, али орношкону жок жана ал үчүн чөйрө да жок. Бирок, ал сезим мантыгынын натыйжасындагы пикир болгону үчүн т.а. сезим аркылуу идирек кылуудан пайда болгон түшүнүү болгону үчүн, пикирий сезимди жүзөгө келтирет. Т.а терең пикир натыйжасындагы ачык-айкын сезимди пайда кылат. Табигый, бул пикир аны өзүндө камтыган кишини тазалап, калыс кишиге айландырат. Ал тургай, ал калыс болбоону каалаcard да, буга

кудуреттүү боло албайт. Бул пикир калыс кишиде акыйда жана сакофат болуп көрүнөт да, анын ичинде өчпөс жалынды пайда кылат. Бул жалын пикир жана туйгуда пайда болгон жануудан кийинки жарылуудан башка нерсе эмес. Жарылуу даъватта кайрат жана ишенимди, ошол эле учурда, мантык жана пикирди жайып, бузулкулукту күйгүзүүчү отко, жакшылык жолун жарык кылуучу нурга айланат. Муну менен Даъват бузук пикирлерге, чириген акыйдаларга жана эскирген үрп-адаттарга каршы күрөшкө кирет. Алар өздөрүн коргоого урунат. Бирок, бул коргонуунун өзү жаңы мабда менен кагылышуу болуп, мабданын кубатына кубат кошот. Бул – күрөш кыска убакытка улантылат жана акыры бардык пикирлер жана жолдор талкаланып, үммөт ичинде жалгыз Хизбдин мабдасы Үммөттүн пикири жана акыйдасы болуп калат.

Хизб пикирлер, этикаттар жана райларды бирдейлештирген убакта, үммөттүн аң-сезимдүү түрдөгү биримдигин жүзөгө келтирген болот жана Үммөттү эритип тазалаган болот. Ошондо үммөт бир бүтүн үммөт болуп, чыныгы биримдик вужудка келет.

Кийин хизбдин экинчи баскычы келет. Бул баскыч Үммөттү ойготуу, кийин аны менен бирге Ислам рисалатын башка эл жана үммөттөргө алып баруу максатында түптөн өзгөртүү аркылуу, оңдоо ишин өз колуна алууга карай үммөттү жетектөө баскычы. Ушуну менен Үммөт бүткүл адамзат алдындагы милдетин өтөсүн!

Бул хизбий уюм жамаий кыймыл, мындан башкача болушу мүмкүн болушу да эмес. Себеби, туура уюм жеке тартиптеги кыймыл болбойт. Ошондуктан, Исламий өлкөлөрдөгү хизбдин башында турган адамдар жамаий кыймылдарды дыкат менен үйрөнүүлөрү керек жана аларды терең түшүнүүлөрү лаазым.

Өз убагында таасир күчүнө ээ болгон жамаий кыймылдарды түшүнүп үйрөнүү бизге ушуларды көрсөтөт, мол-көлчүлүк жана жыргалчылык болгон, адамдын табигый укуктары тебеленбей жаткан о.э. маанилүү иштерди ээлөөдө адамдын жөндөмү өлчөө болгон убакта, жамаий кыймылдар жүзөгө келбейт. Жамаий кыймылдарды мындайча түшүнүп үйрөнүү, ар кандай жамаий кыймыл жашаган же жашап жаткан чөйрөнү жүздөнгөн, же ага жүздөнүп жаткан абалдарды о.э. бул кыймылдагы көзгө көрүнгөн адамдардын ийгилигин, же жүрүшү алдындагы тоскоолдуктарды жок кылып, кыймылдын ишин жүргүзүүдө жана анын милдетин жеңилдетүүдө канчалык иш көрсөтүп жатканын үйрөнүү аркылуу кыймылдарга туура баа берүү мүкүнчүлүгүн берет.

Жамаий кыймылдардын ийгилиги, учурдагы бийлик же түзүм тарабынан ар убак кыймылдын мабдасына тескери болгон, же бийликтин каалоо жана кызыкчылыктарына ылайык түрдө кыймылдын мабдасына каршы иштер жүз бергенде, адамдарда наразылык рухун ойготуу жана ушул наразылыкты ашкере кылууга үндөө кудуреттүүлүгү менен бааланат.

Бул жамаий кыймылдарды түшүнүшүбүз бизден – Коомдогу турмушту үйрөнүүнү; Үммөттүн акимдер менен, акимдердин Үммөт менен боло турган алакаларын; бул алакалардын негиздерин жана Ислам көз карашындагы алардын толук маани-маңызын; Ислам чакырган райлар, пикирлер жана өкүмдөрдү; буларга карата коомдун туткан ордун; бул райлар, бул пикирлер жана өкүмдөр учураган өзгөртүүлөр, алмаштыруулар жана ижтихаддарды; бул ижтихаддын фуруъ жана усулдагы акыйкатын; Ислам аны тан алыш же тан албашын – билүүнү талап кылат. О.э. бул кыймылдарды түшүнүү бизден – Үммөт жашап жаткан, турмуш түзүмү жана башкаруу түзүмү кылыч, айла-амал жана мал-дүйнө менен кармалып турган бул дүйнөдө исламий райлар, пикирлер жана өкүмдөрдүн жоголуп бара жатканын көрүп турган – үммөттүн рухий абалын үйрөнүүнү талап кылат.

Бул кыймылдарды түшүнүү бизден – үммөттүн өзүнө колдонулуп жаткан, анын Исламына жоголуп кетүү коркунучун туудуруп жаткан жана анын өзүн бактысыздык жана өлүм жарлыгына кулатып жаткан мына бул түзүмдөргө болгон ыктоосун жана көз карашын жалпы түстө билүүнү; кийин Үммөт ичиндеги ойчулдардын өздөрүнө колдонулуп жаткан бузук түзүмгө ыктоосун, аны кабыл алуу даражасын, аларда иренжүү ойготтгон же ойготпогонун, алардын алдоо жана коркутууларга канчалык таасирленишин, бул алдоого канчалык алданып, бул коркутууга канчалык моюн сунушун билүүнү талап кылат.

Кийин хизбий тайпанын өзүн таанышыбызды; бул тайпа курч сезим, терең тафаккур жана таза ыкласка ээ экендигин, коомдо ага карата колдонулуп жаткан чаралар Ислам менен анын мыйзамдарына болгон ыйманын суздаштырбаганын, болуп жаткан алдоо жана коркутуулар, белек жана азаптар ага таптакыр таасир кылбаганын анык билишибизди; кийин бул тайпа өзүнө канчалык зулум, кыйынчылык жана док-опузалар болсо да, мабданы бекем коргон ичинде сактай ала турган даражада өз кыйматтарын толо асырай алганы, ыйманына зыян жетпегени, терең исламий пикирлер менен сугарылганы, жалпы кызыкчылыктарды кабыл алганы, жоопкерчиликти сезгени – булардын баары толук экендигине ишеним пайда кылуубузду; кийин бул тайпа ар кандай натыйжаларды этибарга алып, аларды көтөрүүгө даяр абалда жоопкерчиликти өз мойнуна алууга бел байлаганын анык билүүбүздү талап кылат.

Жамаий кыймылдардын өтмүшүн жана азыркысын мындайча текшерүү, мабдаий хизбдин жамаий кыймыл катары жүрүшүнүн маңызын көрсөтүп берет о.э. анын хизб шарттарына толук ээ болуп, өз табигый жолунда жүрүп жатканын анык билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал тургай, анын өз жолунан ооп кетиши күзөтүлгөндө, же болбосо, үйрөнүүлөр жихазга өзгөртүү киргизүүнү, же аракети ылайыкташуучулукту же күрөштө туруктуулуукту талап кылып жатканы күзөтүлгөндө – үммөттү ойготуудагы жана аны бардык эл жана үммөттөргө Ислам рисалатын

алып бара турган үммөткө айландыруудагы – милдетин өтөө кепилдигин бере турган ыкмаларды колдонуу мүмкүндүгүн жаратат.

Хизбди туура түзүү төмөнкүдөй түстө болот.

1. Мабда пикири жана сезими башкалардан өйдө болгон адам тарабынан табылып, аны менен биригет, ал тургай, анда мабда тунукташып, ага ачык-айкын болуп калат. Мына ошол убакта, акыйкатта биринчи клетка вужудка келет. Ал аста-секин көбөйүп барып, клеткаларга айлана турган башка адамдар пайда болот жана алар бири-бирлери менен мабда негизинде толугу менен байланышат. Алардан хизбий топтун биринчи халкасы – «Хизб Кыядаты» жүзөгө келет. Ушул адамдар ортосундагы уюшуунун огу да, бул октун айлансында аларды тартып турган күч да мабда болушу керек.

2. Бул биринчи халканын, адатта саны аз, аракети алгач секин болот. Себеби, ал өз коомунун сезимдерин түшүндүрүп жаткан болсо да, бирок, коом угуп адаттанбаган сөз жана маанилер менен түшүндүрөт. Ал коомдун сезимдерин көрсөтүп жаткан болсо да, анда коомдогу өкүмдар түшүнүктөргө тескери жаңы түшүнүктөр болот. Ошондуктан, бул халка коомдо жаттай болуп, алгач ага биринчи халкада көөдөлөнгөн мабда магнитине тартылуу жөндөмүн өзүндө пайда кыла турган даражада күчтүү сезимге ээ кишилер гана кошулат.

3. Бул биринчи халка «кыядат»тын тафаккуру адатта терең болот, ойгонуудагы тарыйкаты болсо түп-тамырдан баштоо болот. Ошондуктан, бул халка үммөт жашап жаткан бузук вокыйлыктан жогору көтөрүлүп, бийик асмандарга учат жана үммөттүн жашашы үчүн үммөттү көчүрмөкчү болуп жаткан вокыйлыкты т.а. үммөттү көчүрмөкчү болуп жаткан жаңы жашоону көрүп турат. О.э. бул бузук вокыйлыкты (учурдагы абалды) өзгөртүү үчүн тута турган жолун көрүп турат. Ошондуктан, дубал артындагы нерсени көрөт. Айрым учурларда ал жашап жаткан коомдун көпчүлүк бөлүгү бут алдын гана көрөт, бузук вокыйлыкка жабышып калганы үчүн уча албайт жана вокыйлыкты өзгөртүүнү туура идирек кылуу ага кыйын болот. Анткени, төмөнкү деңгээлдеги коомдо пикир башталгыч даражада болуп, бардык пикирди вокыйлыктан алат, нерселерди ката түстө жана жалпы көрүнүштө ушул пикирге салыштырат, өзүн пикир негизинде калыптандырат. Ошондуктан, пайдаларды вокыйлык негизинде белгилейт.

Ал эми, биринчи хизбий халка «кыядат» болсо, анын пикири башталгыч баскычтан өтүп, толукталуу жолунда бара жаткан болот. Ошондуктан, бул халка мабданы вокыйлыкка ылайыкташтыруу менен вокыйлыкты пикирлөөнүн булагы кылып албайт, балким, вокыйлыкты мабдага ылайык өзгөртүү максатында, вокыйлыкты пикирлөө майданы кылып алат. Ушул себептүү, мабданы вокыйлыкка ылайыкташтыруу үчүн эмес, вокыйлыкты өзү кабыл алган мабдага ылайыкташтыруу үчүн, аны өзгөртүүгө, мабда негизинде калыптандырууга жана өз каалоосуна моюн суундурууга

аракет кылат. Ушул себептен улам, коом менен хизбдин биринчи халкасынын ортосунда турмуш жөнүндөгү көз карашты түшүнүүдө кескин айырма бар болуп, аны азайтуу керек.

4. Биринчи хизбий халка кыядаттын пикири туруктуу коидага (эрежеге) таянат. Ал коида мындай: пикирдин иш-амалга байланышы зарыл, пикир жана иш-амалдын бул экөөсүнөн көздөлүп жаткан белгилүү бир максат үчүн болушу зарыл. Ошондуктан, бул халкада мабда көөдөлөнгөнү жана пикир таянганы себептүү, анда туруктуу ыйманий чөйрө вужудка келет жана бул абал вокыйлыкты өзгөртүүгө, моюн сундурууга жардам берет. Себеби, мындай пикирлөө тышкы чөйрө менен таасирленбейт, балким, ага таасир өткөзүп, аны өз калыбы менен калыптандырат. Калак коом болсо тескерисинче, анын пикиринде белгилүү бир коида болбойт. Анткени, бүткүл коом жүргүзүп жаткан пикиринен жана кылып жаткан иш-амалынан көздөлө турган максатты билбейт. Анын адамдарындагы максат жекече жана убактылуу максаттар болот. Ошондуктан, анда ыйманий чөйрө болбойт. Мунун натыйжасында тышкы чөйрөдөн таасирленип, анын негизинде калыптанууга мажбур болот, чөйрөнү өз калыбы менен калыптандыра албайт. Ушуга ылайык, алгач хизбдин биринчи халкасы менен ал жашап жаткан коомдун ортосунда карама-каршылыктар келип чыгат.

5. Белгилүү бир пикирлөө тарыйкатын белгилеп бере турган ыйманий чөйрөнү жүзөгө келтирүү Биринчи хизбий халканын милдеттеринин бири болгондуктан, ал өзүн тездик менен өстүрүү жана чөйрөнү толук тазалоо максатында пландуу аракеттерди кылышы керек, анткени, ал ушуну менен өзүнүн хизбий денесин өтө тездик менен сак-саламат түстө курсун. О.э. тез өнүккөн абалда, хизбий халкадан хизбий тайпага айланып, кийин толук жетишкен хизбге т.а. коомдон таасирлене турган эмес, балким, ага өз көз караштарын сиңдирип, таасир өткөзө турган толук жетишкен хизбге айланышы керек.

6. Бул пландуу аракеттер – коомду, адамдар менен чөйрөлөрдү аң-сезимдүү түрдө үйрөнүү менен о.э. хизб барлыгына бузук элементтердин сызылып киришинен жана уюшууда зор мааниге ээ болгон хизб жихаздарынын бирин түзүүдө каталык жүз беришинен этият болгон абалда, көзөмөлдөө менен бирге алып барылат. Анткени, бул каталык аны туура багытынан башка тарапка буруп кетпесин жана хизбдин ичинде бөлүнүү вужудка келбесин.

7. Өзгөрбөс туруктуу акыйда жана бышып жетилген хизбий сакофат хизб мүчөлөрү ортосундагы робыта болушу керек, хизб жамаатын аракетке сала турган мыйзам да кагазга жазылган идарий мыйзам эмес, дал ушул акыйда жана сакофат болушу лаазым. Бул акыйда жана сакофатты күчөтүүнүн тарыйкаты үйрөнүү жана пикирлөө болуп, акыл өзүнө таандык түстө калыптансын жана туйгуга байланган пикир вужудка келсин. Бүткүл хизбди үзгүлтүксүз түрдө ыйманий чөйрө камтып турушу

зарыл. Анткени, хизбди бириктирүүчү фактор эки нерсе – жүрөк жана акыл болсун. Ошондуктан, мабдага ыйман келтирүү керек, хизб адамдарынын арасын оболу жүрөк байласын. Кийин мабданы тереӊ үйрөнүү, эсте тутуу, өздөштүрүү жана түшүнүп жетүү зарыл, экинчи робыта т.а. акыл пайда болсун. Ушундай кылуу аркылуу хизб туура даярданат жана анын робытасы хизбдин ар кандай бороон-чапкындар каршысында туруктуулук менен тура алышына мүмкүнчүлүк бере турган даражада бекем жана тыкан болот.

8. Хизб кыядаты т.а. хизбдин биринчи халкасы бир жактан моторго окшосо, башка жактан окшобойт. Окшош жагы ушунда, газ менен кыймылга келе турган мотор мотордун кыймылынын натыйжасында, бензин жана учкундан пайда боло турган ысыктык кубатына ээ. Бул ысыктык кубатынан абада басым пайда болуп, ал муунактуу валды түртөт жана өз кезегинде вал өз кыймылын калган бөлүктөргө узатат жана машина кыймылга келет. Ушуга караганда, ушул үч нерсе – учкун, бензин жана мотордун кыймылы негизги факторлор. Себеби, мотор ысыктык кубатын пайда кылуу менен басым пайда кылат жана бул басым өз кыймылын калган бөлүктөргө узатат да, моторду кыймылга келтирет. Эгер мотордун кыймылы токтосо, калган бардык бөлүктөр да токтойт. Демек, мотор кыймылга келиши үчүн, кийин бүткүл машинаны кыймылга келтириши үчүн албетте бензин, учкун жана мотордун кыймылы зарыл. Ушуга окшош, хизб кыядатында т.а. хизбдин биринчи халкасында көөдөлөнгөн фикрат – учкундун ордунда, кыядаттын курамындагы аӊ-сезимдүү адамдардын сезими – бензиндин ордунда, сезими фикраттан таасирленген адам болсо, мотор кыймылынын ордунда. Ушуга караганда, фикрат адамдагы сезимге байланган убакта ысыктык кубатын пайда кылат. Жана бул кубат кыядатты аракетке үндөйт. Кыядаттын бул аракети хзизбдин адамдар, халкалар жана жергиликтүү жихаздар сыяктуу башка бөлүктөрүнө өтөт жана бул бөлүктөр анын ысыгынан таасирлерип, бүткүл хизб машина аракетке келгендей аракетке келет. Мына ушул убакта хизбдин жүрүшү аракетке келип, анын калыптанышында өсүш доору башталат.

Ушуга караганда, бүткүл машина ишке түшүшү үчүн мотордун аракеттениши зарыл болгондой, хизбдин бардык бөлүктөрү ишке түшүп кетиши үчүн кыядат тарабынан хизбдин бардык бөлүктөрүнө ысыктык кубаты жиберилиши зарыл. Бул хизб кыядаты менен мотордун окшоштук жагы. Ошондуктан, хизб жетекчилери ушул жакка көӊүл буруп, кыядат ысыктыгы баарына таасир кылышы үчүн, хизбдин калган бөлүктөрү менен ар дайым байланып, аларды аракетке келтирип турушу керек. Эгер бир нече жолу байланып, калган мүчө жана жихаздардын аракетке келтиргенден башка убакта араккеттенбей жаткандарын көрүшсө, эч үмүтсүз болушпасын жана билип коюшсун, бул табигый абал. Себеби,

машина – мотор кыймылга келип, өзүнөн ысыктык таратканда гана ишке түшөт.

Бирок, Кыядаттын аракеттендириши – кудум муунактуу вал механикалык мотордо өз кыймылын башка бөлүктөргө өткөзгөндөй – хизбге аракет узатуу менен таасир көрсөтпөйт. Балким, аны аракеттендириши алгач ушундай ??зайлда болсо да, хизб жүрүп кеткенден кийин мындай болбойт. Дал ушул жагынан хизбдин биринчи халкасы Кыядат моторго окшобойт. Анткени, мотор машинаны ар дайым кыймылга салуучу фактор болуп калат. Ал эми, Кыядат болсо, механикалык мотор эмес, ижтимаий мотор. Хизбдин мүчөлөрү, халкалары жана жеригиликтүү жихаздары темир эмес, адам баласы, аларда жашоо бар. Алар кыядаттын ысыктыгы менен т.а. анда көрүнүп жаткан мабданын ысыктыгы менен таасирленишет. Ошондуктан, алар фикратты түшүнүп жетип жана кыядаттын хизбий ысыктыгына кошулуп кеткенден кийин, мотордун бир бөлүгүнө айланышат. Мына ушул убакта кыядат аракетинин өзү ысыктык кубаты себептүү бүткүл хизбге табигый түрдө аракет жиберип туруучу факторго айланат. Себеби, ижтимаий мотор болгон кыядат бүткүл хизбде кең таралуучу бир пикирдүүлүктү пайда кылат. Ушул убакта мотор кыймылына кыядат эле ээ болуп калбайт. Балким, мотор кыймылынын өскөнү жана хизб түзүү толукташканы себептүү, бүткүл хизб мотордун кыймылына ээ болот. Ушуга караганда, хизбдин жүрүшү кыядаттын аракетине о.э. анын ысыктык жиберишине муктаждык сезбейт. Балким, мабда хизб мүчлөрүндө аракеттенет жана хизбдин халка жана жергиликтүү жихаздары кыядаттын аракетине муктаждык сезбеген абалда, автоматтык түрдө аракеттенет. Анткени, ар бир бөлүктүн ысыктыгы мабдадан, хизбде кең таралган жана бул бөлүктөргө табигый түрдө биригип кеткен бир пикирдүүлүктөн пайда болот.

9. Мабдаий хизб коомдо өз мабдасын колдоно баштаганга чейин үч баскычта аракет кылат.

Биринчиси, хизбий сакофат пайда кылуу үчүн үйрөнүү жана таалим алуу баскычы.

Экинчиси, өзү жашап жаткан коомго таасир кылуу баскычы, муну менен мабда аң-сезимдүү түстөгү урфу оммго айлансын жана бүткүл жамаат аны өз мабдасы деп этибар кылып, жамаий түрдө коргосун. Бул баскычта мабданын колдонулушуна каршылык кылып жаткан колонизатор капыр, анын малай акимдери, жахалатпарастар жана чет элдик сакофатка ууланган кишилер менен Үммөттүн ортосунда күрөш башталат. Анткени, үммөт мабданы өз мабдасы деп, хизбди болсо өзүнө жетекчи деп билет.

Үчүнчүсү, бийликти үммөткө мабданы колдонуунун тарыйкаты кылып алуу үчүн, үммөт аркылуу бийлик тизгинин толук колго алуу баскычы. Хизбдеги амалий жак турмуш майданында дал ушул баскычтан башталат жана бул мабдага даъват кылуу жагы мамлекет жана хизб үчүн негизги

иш болуп калат. Себеби, мабда – үммөт жана мамлекет жая турган рисалат.

10. Биринчи баскыч – таъсис (уюштуруу) баскычы. Т.а. үммөттүн бардык адамдарын ар кандай сакофаттан куру экендикте барабар деп этибар кылуу, хизбге мүчө болууну каалап жаткан кишилерди хизб сакофаты менен тарбиялоону баштоо жана жамаатка таасир этүү максатында, ал байланууга кудуреттүү болгон тайпаны хизб кыска мөөнөт ичинде жетиштирип чыгарышы үчүн бүткүл коомду хизбдин мектеби деп этибар кылуу баскычы.

Бирок ушул нерсе маалым болушу керек, бул тарбиялоо таалим эмес о.э. хизб кадимки мектептерден түптөн айырмаланат. Ошондуктан, халкалардагы сакофат мабданы мугалим деген этибарда алып барылышы керек, алынып жаткан билим жана сакофатта мабдага гана жана анын турмуш майданына шуңгуу үчүн зарыл болгон бөлүгүнө чектелиши керек о.э. алар турмуш майданында аларга дароо амал кылуу үчүн алынышы керек.

Ошондуктан, сакофат амалий болушу т.а. амал кылуу үчүн алынышы зарыл. О.э. зээн менен назарий жактын арасына калың бөгөт коюлушу керек, анткени, хизбий сакофат мектеп тарбиясынын назарий багытында багытталбасын.

11. Хизб – мүчөлөрү ыйман келтирген фикрат жана тарыйкатка т.а. мабдага негизделе турган уюм. Ал коомдун пикири менен сезимин үзгүлтүксүз түрдө өстүрүп барышы үчүн, анын пикири менен сезимин көзөмөлдөйт, коомдун пикир жана сезимде аркага кетүүсүнө жол бербейт. Хизб – үммөттү тарбиялап жетиштирип, бүткүл дүйнөлүк турмуш майданына алып чыга турган мектеп. Ал чыныгы мектеп. Анын ордун башка эч бир мектеп – канчалык кеңири камтуучу, канчалык түркүн-түрдүү болбосун – баса албайт. Бирок, хизб менен мектептин ортосунда түшүнүп алуу керек болгон бир нече айырмачылыктар бар. Алар төмөнкүлөр:

а) Коомдо коом мектеби катары вужудка келе турган хизб болбосо, программалары канчалык туура болушуна карабастан, мектеп үммөттү ойгонууга алып бара албайт. Себеби, мектеп канчалык эркин болбосун, ал бир калыпка чектелген болот. Ал жекече калыпка негизделет жана белгилүү бир сыпатты алат. Ушул себептен улам, мектеп окуялардын өнүгүшү негизинде калыптануу жөндөмүнө ээ болбойт. Эгер анын калыптанышы кааланса, ал үчүн калыптануу пайда болгонго чейин оор мээнет жана узак убакыт зарыл болот. Мектепти даярдоо калыптанбай турган туруктуу негизде болот.

б) Туура программа негизинде жүзөгө келген хизбде төмөнкү касиеттер бар болот. 1-Тирүүлүк. Ал өсөт. 2-Өнүгүү. Ал бир абалдан экинчи абалга көчөт. 3-Кыймыл. Ал коомдун ар бир жаатында өлкөлөрдүн ар бир

бөлүгүндө көчүп жүрөт. 4-Сезим. Ал коомдо болуп жаткан ар бир окуяны көрөт, угат жана ага таасир өткөзөт.

Хизбди даярдоо турмуштун жана туйгулардын калыптанышы негизинде болот. Анда дайымый өнүгүү жана үзгүлтүксүз өзгөрүү бар. Ал бир сызык менен жүрбөйт. Себеби, ал турмушту өз ыйманий мухити менен калыптандыруу, вокыйлыкты өзгөртүп мабдага ылайыкташтыруу үчүн, турмуш жана анын бардык көрүнүштөрү менен бирге жүрөт.

в) Мектеп жеке адамды белгилүү бир адам деген этибарда тарбиялоо жана таалим берүү негизине курулат. Ал чаканыраак бир жамаат болсо да, таалим жактан фардий (жекече). Ошондуктан, анын натыйжалары да жамаий эмес, фардий болот. Он миң калкы бар шаарда мектептер болуп, миң окуучуга таалим берсе, алар бул шаарда эч кандай жамаий ойгонууну пайда кыла албайт.

г) Хизб жамаатты, анын жеке адамдарына карабастан, бир жамаат деген этибарда тарбиялоо жана таалим берүү негизине курулат. Ал жамааттын адамдарына белгилүү бир жеке адамдар эмес, балким, жамааттын бөлүктөрү деген этибар менен карайт. Аларды белгилүү бир жеке адамдар болушу үчүн эмес, жамааттын бөлүгү болууга жарактуу болушу үчүн жамаий түрдө тарбиялайт. Ошондуктан, хизбдин натыйжалары фардий эмес, жамаий болот. Бир миллион калкы бар өлкөдө мүчөлөрүнүн саны жүзгө жеткен хизб болсо, ал ушул өлкөдө мектеп узак убакыт бою мээнеттер сарптап, көптөгөн окуучулар чыгарып пайда кыла албаган ойгонууну жүзөгө келтире алат.

д) Мектеп жеке адамды өзү жашап жаткан жамаатына таасир кылуу үчүн даярдоо негизине курулат. Жеке адам жузъий гана таасир кыла алат. Себеби, ал пикирди ойготууда таасири күчсүз болгон жузъий туйгуга ээ.

е) Хизб жамаатты жеке адамга таасир кылуу үчүн даярдоо негизине курулат. Жамаат жалпы сүрөттө таасир кыла алат. Анткени, андагы туйгу күчтүү, ойготуучан жана пикирди ойготууга кудуреттүү. Ошондуктан, жамааттын жеке адамдарга таасири күчтүү болот жана жамаат аз убакытта аз гана мээнет менен аларда ойгонууну пайда кылат. Себеби, пикирди ойготуучу түрткү – туйгу. Бул экөөсү биригишинин натыйжасында ойгонуу үчүн аракет пайда болот.

ж) Хизб менен мектептин ортосундагы айырманын кыскача мазмуну төмөнкү үч нуктадан турат:

1) Мектеп бир калыпка чектелген болуп, турмуш негизинде калыптанууга жөндөмсүз болот. Хизб болсо өнүгүүчөн. Бир калыпка чектелбей, турмушта калыптанууга жөндөмдүү болуп, турмушту өз ыйманий чөйрөсү менен калыптандырат.

2) Мектеп жеке адамды жамаатка таасир кылуу үчүн тарбиялайт жана анын натыйжалары фардий болот. Хизб жамаатты жеке адамга таасир кылуу үчүн тарбиялайт жана анын натыйжалары жамаий болот.

3) Мектеп жамаат туйгуларына таасир кылуу үчүн жеке адамда жузъий туйгу даярдайт. Бул туйгу жамаат туйгуларына таасир кыла албайт жана анын пикирин ойготууга алсыздык кылат. Хизб жеке адамдардын туйгуларына таасир кылуу үчүн жамаатта толук туйгу даярдайт. Бул туйгу аларга таасир кылып, пикирлерин ойготууга кудуреттүү болот.

12. Бул баскычта бүткүл коом хизб үчүн чоң мектеп экендигин жана мектеп менен хизбдин сакофий халкаларынын ортосундагы кескин айырманы унутпоо керек.

Бүткүл коом хизбдин мектеби экендигин унутпоонун зарылдыгы ушунда, хизбдин бул доордогу милдети сак-саламат этикаттарды ойготуудан жана туура түшүнүктөрдү пайда кылуудан турат. Бул үчүн албетте мектеп негизиндеги иш-аракет зарыл. Хизбдин мабдасы – мугалим, сакофаты – үйрөнүлө турган сабак болот. Бул мабда жана сакофат мабда көөдөлөнгөн кишилерде көрүнөт. Алар коомдогу түздөн-түз устаздар болуп саналат. Жергиликтүү жихаздар жана алардын халкалары – класстар, бүткүл коом болсо – мектеп болот. Мектеп негизиндеги мындай иш хизбге мүчө болуп, анын түшүнүктөрүн кабыл алган кишилерден терең үйрөнүүнү, туура түшүнүүнү, хизб сакофатын ар дайым талкуулоону, ал кабыл алган программа, маанилүү өкүмдөр жана жалпы коидаларды эсте тутууну талап кылат. Ал үчүн мектеп негизиндеги үйрөнүү лаазым болот. Ошондуктан, хизбге кирип жаткан ар кандай киши менен алектенүүдө анын жогорку билимдүү же орто билимдүү болушуна, же болбосо, тарбия алууга жөндөмү бар же жоктугуна карабастан, ушул жакка зор көңүл буруу керек. Ар кандай адам менен алектенүүдө бул сакофатка кайдыгер кароо, ал хизбге мүчө болсо да, адамды хизбдин сыртында калтырып коёт. Кээде мындан жалпы жихазга зыян жетип калат.

Хизб бул баскычта хизбий сакофат менен тарбияланган жеке адамдар жетишип чыкпастан туруп, амалий ишке киришпеши керек. Ошондуктан, бул баскыч бир гана сакофат баскысы болот.

Мектеп менен хизбдин сакофаттагы айырмасын унутпоонун зарылдыгы мында, хизбий сакофат мектеп сакофатына айланып калбаш керек. Антпесе, хизб өз активдүүлүгүн жоготот. Ошондуктан, хизбий сакофатта хизбге таандык киши менен назарий жактын ортосу тосуп коюлушу керек о.э. хизбий сакофат түшүнүктөрдү өзгөртүү, турмуш майданында ишке ашыруу жана үммөт арасында пикирий жетекчиликти жаюу үчүн экендигин ар дайым эсте тутуу керек. Хизбий сакофат ээси назарий жакка шуңгушу жайыз эмес. Эгер ал илимге муктаждык сезсе, анын орду хизб эмес, мектеп. Сакофатта назарий жакка шуңгуу коркунучтуу, анткени, ал амалийлик касиетин жок кылат жана хизбдин экинчи баскычына өтүүнү артка сүрөт.

13. Экинчи баскыч - Үммөткө таасир кылуу баскычы. Ал күрөш менен жанаша жүргөн баскыч. Ал назик баскыч деп этибар кылынат. Андагы

ийгилик хизбдин туура түзүлгөнүнө далил болот. Ийгиликсиздик болсо, анда оңдолушу керек болгон кемчилик бар экендигин билдирет. Ал өзүнөн мурунку баскычка таянат. Ошондуктан, Биринчи баскычтагы ийгилик – Экинчи баскычтагы ийгилик үчүн негизги шарт. Бирок, Биринчи баскычтагы сакофий жактан жетишилген ийгиликтин өзү Экинчи баскычта ийгиликке жетишүү үчүн жетиштүү болбойт. Балким, сакофий ийгилик адамдар арасында маалым болушу керек т.а. адамдар «коомдо даъват жүрүп жатат» деп, хизб жөнүндө «ал даъват алып барып жатат» деп билүүлөрү керек. О.э. халкалардагы сакофий калыптануу доорунда жана мүчөлөрдүн өздөрү жашап турган коом менен байланып, ага таасир өткөзүүгө урунуулары учурунда жамаий рух калыптанган болушу керек. Анткени, алар Экинчи баскычка өткөндө, аларда жамаий даярдык бар болот. Ошондуктан, алар үчүн Үммөткө таасир этүү оңой болот.

14. Хизб мүчөсү, нафсиясы аклиясына дал келген абалда Исламий шахсияга айлана турган түстө сакофий жактан бышып жетилгенден кийин гана, сакофат доорунан таасир кылуу дооруна өтөт. Анткени, Расул ﷺ «Силерден бир да киши, тээ каалоосу мен алып келген нерсеге караштуу болмоюнча, момун болбойт». – деп айткан. О.э. адамдар ал жөнүндө анын исламий даъватты алып барып жатканын билгенден кийин гана о.э. жамаий ыктоолор, халкаларда болушу жана коом менен байланышы себептүү, анда узлатты жогото турган даражада күчөп, анын өзүндө көрүнгөндөн кийин гана сакофат доорунан таасир кылуу дооруна өтөт. Анткени, элден үзүлүү коркоктуктун жана үмүтсүздүктүн бир көрүнүшү болуп, мындай илдет коомдон жана жеке адамдардан түп-тамыры менен менен жоготулушу керек.

15. Хизб сакофат доорунан таасир кылуу дооруна табигый түрдө өтөт. Ушундай бир табигый өтөт деп кой, эгер ал өз убагынан мурда өтүүнү каалаганда өтө албаган болор эле. Мунун себеби ушунда, сакофат доорунда «башталгыч чекит» толукташат, анткени, сакофат мабданы адамдарда калыптандырып, коомду даъват менен мабданы ачык сезе турган кылып коёт. Качан адамдарда мабданы калыптандыруу т.а. алардын дилине эгүү жана коомдо мабданы сезүү толук аягына жетсе, даъват «башталыш чекити»нен өтүп, «аракет чекитине» көчүшү керек болот. Хизб аракет чекитинде жүрүш башташы үчүн үммөткө кайрылууну баштоосу зарыл. Үммөткө кайрылууну башташ үчүн эң алгачкы кайрылууга аракет кылышы зарыл. Эгер мында ийгиликке жетсе, үммөткө түздөн-түз кайрылууга өтөт. Кайрылууга аракет кылуу халкалардагы тартиптүү сакофат менен, мүмкүн болгон жерлерде адамдарга жамаий сакофат берүү менен о.э. колонизаторлуктун пландарын ачып таштоо жана үммөт кызыкчылыктарын белгилөө менен болот. Хизб ушул төрт иште ийгиликке жетсе, үммөткө кайрылууга өтүп, табигый түрдө «аракет чекитине» көчөт. Анын «аракет чекити»не ушундай түрдө өтүшү, аны сакофат доору болгон биринчи баскычтан таасир кылуу доору

болгонэкинчи баскычка табигый түрдө көчүрөт жана үммөткө таасир кылууну өз убагында табигый түрдө баштай турган кылат.

16. Үммөткө таасир кылуу – хизб өз милдетинде ийгиликке жетиши үчүн зарыл иш. Себеби, хизб мүчөлөрү үммөт арасында канчалык көп болбосун, үммөт менен бирикпесе, канчалык жетишкен болушса да, үммөт алар менен бирге жүрбөсө, өздөрү жалгыз эч кандай иш кыла алышпайт. Алар үммөткө таасир кылса жана бул таасир кылууда ийгиликке жетсе, ошондо гана үммөттү бирге иш алып барууга жетелеши жана үммөттүн алар менен бирге жүрүшү мүмкүн болот. Үммөткө таасир кылуу дегени үммөттү өз айланасына топтой алуу дегени эмес, балким, таасир кылуудан максат, хизбдин мабдасы үммөттүн мабдасы болуп калышы үчүн мабданы түшүндүрүү. Себеби, мабданын негизи т.а. Ислам үммөттө, анын сакофий, тарыхый мурастарында жана туйгуларында мавжуд. Анткени, үммөттүн сезимдери хизб түзүлүп жаткан тандалма тайпада көрүнгөн пикирге айланат. Жана бул сезимдер коидасы (т.а. пикир жана амалдын белгилүү бир максат үчүн болушу коидасы) мабданын чыныгы көрүнүшү болду. Ошондуктан, мабда т.а. Ислам үммөттүн ички сезими болуп, хизб дал ушул сезимдин түшүндүрмөсү болду. Эгер хизбдин түшүндүрмөсү көркөм, тили жатык жана сөзү туура болсо, үммөт мабданы тез түшүнүп, хизб менен биригет жана ошондо бүткүл үммөт хизб деп этибар кылынат. Тандалма тайпа болсо, хизбий уюм аркылуу аракеттин жетекчилигин колго алат т.а. үммөт хизб жетекчилигинде «үчүнчү баскыч» болгон «мабданы бийлик жолу аркылуу революциялык түрдө колдонуу»га карай алып бараткан аракеттин жетекчилигин өз мойнуна алат. Хизбий тайпа бийликти «бийлик – фикратты ишке ашыруунун жападан-жалгыз тарыйкаты т.а. мабданын бир бөлүгү» деген этибарда алат.

Бирок, бул таасир кылуу жолунда бир канча кыйынчыктарга туш болунат, буларды жеңүү үчүн аларды билүү жана табиятын түшүнүү зарыл. Алар көп болуп, маанилүүлөрү төмөнкүлөр:

а) Мабданын коомдо колдонулуп жаткан мыйзамдарга тескери келиши.

Хизб мабдасы учурдагы коом үчүн жаңы жашоо мыйзамдары болуп саналат. Ал коомго карата колдонулуп жаткан жана акимдер адамдарды башкарып жаткан мыйзамдарга тескери. Ошондуктан, алар бул Мабдадан өздөрүнө жана өз барлыктарына болгон коркунучту көрүшөт. Албетте, ага каршы чыгып, түрдүү ыкмалар менен: каршы үгүт жүргүзүү, даъватты жаюучуларды куугунтуктоо, материалдык каршылыктарды колдонуу менен күрөшүшөт. Ушул себептен улам, даъватты жаюучулар – өз Мабдаларына даъват кылуу аркылуу үммөткө таасир кылуу үчүн аракет кылып жатканда – мүмкүн болушунча азарлардан сактануулары, Даъватты баян кылуу аркылуу тескери үгүттөөлөргө каршы күрөшүүлөрү жана бул жолдо бардык машакаттарга туруштук берүүлөрү зарыл.

б) Кыйынчылыктардын бири – коомдо түрдүү сакофаттардын болушу.

Коомдо түрдүү сакофаттар бар. Үммөт ар кыл пикирлерге ээ. Бирок, Үммөттө бир кыл сезим бар. Түрдүү сакофаттар, өзгөчө, колонизатор капырдын сакофаты ушул сезимдердин тескери көрүнүшү. Мабда сакофаты т.а. исламий сакофат болсо, Үммөт сезимдеринин туура көрүнүшү. Бирок, коомдогу сакофат туурасындагы коомчулуктун пикири, мектеп жана башка окуу жайларындагы таалим-тарбия программалары чет элдик сакофатка ылайык жүрөт. О.э. бардык саясий жана таалим-тарбия аракеттери да дал ушул сакофатка ылайык жүрөт. Ошондуктан, хизб өз сакофаты менен башка сакофат жана пикирлерге каршы күрөшүү дооруна кириши зарыл. Муну менен үммөт алдында анын сезим-туйгуларынын туура көрүнүшү көрүнүп, үммөт ушул көрүнүш менен бирге жүрсүн. Ушуга караганда, бул доордо хизб сакофаты жана пикири менен башка сакофат жана пикирлердин ортосунда кагылышуу болушу табигый. Бул үммөт перзенттеринин ортосундагы кагылышуу. Ошондуктан, бул натыйжасыз талкуу доору көрүнүшүн албайт. Балким, хизб жамааты ийри сызыктын жанына түз сызык сызуу тарыйкатынан жүрөт, чындыкты көрбөй-укпай турган кылып коюучу эгоисттикке алып барбашы үчүн, натыйжасыз талкууга эч качан киришишпейт. Балким, хизбдин пикирлерин түшүндүрүп берет, башка сакофат менен пикирлердин жалган жана ичи көңдөй натыйжалары коркунучтуу экендигин ачып таштайт. Ошол убакта үммөт башка сакофат жана пикирлерден баш тартып, хизбдин сакофаты менен пикирлерине жүздөнөт. Балким, өз сакофат жана пикирлеринин көңдөйлүгүн билген соң, анын ээлеринин өздөрү да, эгер аң-сезимдүү, калыс жана таза дилдүү болушса, бул сакофат жана пикирлеринен кайтышат. Бирок, бул иш хизб үчүн эң машакаттуу иштерден болуп эсептелет. Ошондуктан, үммөткө таасир кылууну жүзөгө келтирүү чет элдик сакофат көп таралган жерлерде аз таралган жерлердегиге караганда кыйыныраак болот. Ойгонуу жөндөмү – чет элдик сакофат менен тарбияланган «интеллигент» кишилер аз болгон жерлерде мындай кишилер көп болгон жерлердегиге караганда – артык болот. Ошондуктан, хизб бирер жамаатка таасир кылуу үчүн аракет кылып жаткан соң, ушул жамаатка ылайык түстө аракет кылуу үчүн аны жакшы түшүнүп алуусу керек.

в) Кыйынчылыктардын дагы бири – үммөт ичинде реалисттердин болушу.

Анткени, чет элдик сакофат, чет элдиктин уулашы жана жахилият себептүү, үммөт ичинде реализмди чагылдыруучу эки тайпа бар:

Биринчиси, вокыйлыкка жана вокыйлыкка ыраазы болууга о.э. аны качып кутулгус иш катары тан алууга чакыруучу реалист тайпа. Себеби, бул тайпа вокыйлыкты пикирлөөнүн булагы кылып, проблемаларынын чечимин вокыйлыктан алат. Бул кыйынчылыкты жеңүү үчүн ушул тайпа менен терең талкууга киришүү зарыл, муну менен, ал вокыйлыкты өзгөртүү үчүн, вокыйлыкты пикир булагы эмес, балким, пикирлөө

майданы кылып алуу зарылдыгын көрсүн, идирек кылсын. Ошондо гана ал өз пикиринен кайтышы мүмкүн.

Экинчиси, нурда жашоодон баш тарта турган жахалатпарастар тайпасы. Анткени, бул тайпа караңгылыкта жашоого, ичи көңдөй үстүрт турмушка көнүгүп калган, жисманий да, аклый да жалкоолукка кабылып, ата-бабаларынан көргөн эски үрп-адат жана этикаттарына алар эски болгону үчүн гана жабышып алышкан. Ошондуктан, алар чыныгы реалисттер, анткени, алар вокыйлыктан келип чыккан жана пикирлөөдө катып калган кишилер. Ошондуктан, бул кыйынчылык көбүрөөк мээнетти талап кылат. Бул кыйынчылыкты жеңүүнүн жолу – аларды тарбиялоого аракет кылуу жана алардын түшүнүктөрүн тууралоого катуу урунуу.

г) Даъват алдында тоскоолдук кылып жаткан кыйынчылыктардан бири – адамдардын өз кызыкчылыктары менен алек болуулары. Анткени, адам турмушта жеке кызыкчылыктары жана күнүмдүк иштери менен алектенет жана ошол эле учурда мабда жөнүндө да баш катырат. Кээде бул кызыкчылыктар мабдага даъват кылуу менен карама-каршы келип калат. Ошондуктан, адам бул экөөсүнүн ортосун ылайыкташтырууга урунат. Бул кыйынчылыкты жеңүүнүн жолу – мабданы кабыл алган ар бир киши хизб жана даъват иштерин чөйрө борбору кылып, жеке кызыкчылыктарын ушул борбордун айланасында айландырышы керек. Даъватка карама-каршы болгон, Даъваттан алек кыла турган о.э. Даъватка тоскоолдук кыла турган ар кандай иш менен алектенбеши керек. Ошондо ал даъватты кызыкчылыктар негизинде эмес, балким, кызыкчылыктар анын негизинде жүрө турган абалга чыгарган болот.

д) Даъват жолунда тоскоолдук кылып жаткан кыйынчылыктардын бири – Ислам жолунда, анын даъватын жаюу жолунда дүйнө турмушу иштерин т.а. малы-дүйнө, соода жана башка ушул сыяктууларды курман кылуу. Бул кыйынчылыкты жеңүү үчүн, момунга «Алла Таала момун кишиден өздөрүн, малы-дүйнөлөрүн бейиштин акысына сатып алган»дыгы эстетилет. Ушуну менен чектелинип, ал өз ыктыярына таштап коюлат, эч бир ишке мажбур кылынбайт. Расул ﷺ Тоиф жана Мекке аралыгындагы Нахла деген жерге Курайшты чалгындоо үчүн Абдулла ибн Жахшты башчы кылып сарийя жиберип жактанда ага кат жазып берди. Катта мындай делген: «Шериктериңерден эч кимди өзүң менен бирге жүрүүгө мажбурлаба жана буйругумду өтөш үчүн көңүлдүүлөр менен жолуңду улант».

е) Кээде кишиге «коомдордогу маданият деңгээлинин ар түрдүү болушу да кыйынчылыктардын бири» деген ой келет. Анткени, шаар, кыштак жана чөл шарттары ар түрдүү болгондуктан, шаардагы маданият айыл маданиятынан, айыл маданияты чөл маданиятынан айырмалуу болот. Ошондуктан, маданият көрүнүштөрүндөгү мындай айырма себептүү, хизб тарбиялоодо же мабда негизинде багыттандырууда айырма бар деген ойго келет. Бул абдан коркунучтуу, анткени, маданият көрүнүштөрүн

үммөттө канчалык төмөн жана бийик болбосун, ал сезими, мабдасы бир кыл болгон бир үммөт. Ошондуктан, Даъват үммөт арасында бирдей болот. Айыл менен шаардын ортосуна эч кандай айырма жок. Үммөткө таасир кылуу үчүн иш алып баруу бир кыл болот.

17. Хизб бул баскычта, үммөткө таасир кылуу баскычында эки коркунучка: Мабдага келе турган коркунучка жана тапка бөлүнүү коркунучуна туш келет.

Мабдага келе турган коркунуч жамаат агымынан, жаматтын шашылыш талаптарына жооп берүүгө кызыгуудан о.э. жамаат райларындагы калган калдыктардын хизб фикратына үстөм келишинен пайда болот.

Мунун себеби мындай, хизб коомдогу турмушка шуңгуп, таасир кылуу үчүн, жетекчилик кылуу үчүн эл менен байланат. Хизб өз мабдасы менен куралданган бир убакта элде эски жана реакцион пикирлер, өткөн ата-бабалардан мурас болуп калган түшүнүктөр жана коркунучтуу чет элдик пикирлер о.э. колонизатор капырга сокурларча ээрчүүлөр бар болот. Ал элге таасир кылууга киришип, ага өз рай жана пикирлерин берет, өз түшүнүктөрү менен анын түшүнүктөрүн оңдоо үчүн, анда исламий акыйданы ойготуу үчүн, сак-саламат чөйрө, туура урфи оммду пайда кылуу үчүн катуу аракет кылат. Ал үчүн даъват жана үгүт иштерин алып баруу керек, анткени, муну менен хизб үммөттө мабдасы менен ыйманды күчөтө турган, хизбге урмат пайда кыла турган жана үммөттү итаат жана амалга үндөй тургай түстө үммөтү өз айланасында мабда негизинде топтосун. Мына ушул убакта хизб үммөт арасында ишеничтүү момун жигиттерин көбөйтүшү керек. Себеби, алар үммөт тизгинин армиядагы офицерлер сыяктуу кармап турушат. Эгер хизб ушул «таасир кылуу баскычында» ийгиликкке жетишсе, үммөттү мабдага ылайык түстө өз максаты тарапка жетелейт жана кербендин жолдон ооп кетишинен көңүлү тынч болот.

Ал эми, хизб, элге толук таасир кылуу пайда болбостон, үммөт арасында мабда жөнүндө жалпы аң-сезим пайда болбостон туруп элди жетелесе, элди мабданын пикирлери жана өкүмдөрү менен эмес, балким, үммөттүн көңүлүндөгү нерселерди жандандыруу, туйгуларын козгоо о.э. талаптарын көз алдыларына келтирип сүрөттөө менен жетекчилик кылган болот. Муну менен хизб эл туйгусун козгоо жана талаптарын көз алдыларына келтирип сүрөттөө менен элге тез таасирлендирүүчү мастык берет жана муну бир нече жолу кайталайт жана акыры эл хизбге моюн сунат, хизб аны жалпысынан башкарат. Ушул убакта эл хизбге аң-сезимдүү түрдө эмес, туйгусу менен ээрчийт жана хизб мүчөлөрү ушундай абалдагы элдин жетекчилерине айланат.

Бирок, мындай абалда элден мекенчилдик, улутчулдук жана руханийлик сыяктуу мурунку туйгулары жоголуп кетпейт. Аларды жамаий абалдар козгоп, элде тапчылдык жана мазхабчылык сыяктуу ураандарды, эгемендүүлүк жана эркиндик сыяктуу чирик пикирлерди о.э. расачылык

жана уруучулук сыяктуу бузук ач кыйкырыктарды жүзөгө чыгарат. Натыйжада, хизб менен элдин ортосунда карама-каршылык башталат. Себеби, эл мабдага тескери болгон өз талаптарын коёт, үммөткө зыяндуу, бут алдыга гана караган максаттарды алга сүрөт. Бул талаптар үчүн жан күйдүрөт, аларды жүзөгө чыгаруу үчүн тос-тополоң кылат, ызы-чуу көтөрөт жана анда бир канча ач кыйкырыктар жаңырат. Хизб мындай абалда эки оттун ортосунда калат. Биринчиси, үммөттүн өч жана кыжырлануусуна о.э. жамаат үстүнөн орноткон өкүмдарлыгын колдон чыгарууга дуушар болуу. Экинчиси, мабдадан четтеп, жан берүүгө (уступкага баруугa) дуушар болуу. Бул экөөсүндө тең хизбге коркунуч бар. Ошондуктан, хизб кишилери, эл мабда менен карама-каршы келген кезде, үммөттүн каарына жана азарына жолугушса да, мабда жолунан ообостон, аны бекем кармоолору керек. Анткени, ал өткүнчү каардануу. Мабдада бекем туруу менен кайрадан үммөт ишенимине жетишишет. Мабдага тескери иш тутушпасын, андан кылча болсо да ообостон, этият болушсун! Анткени, хизбдин тирүүлүгү да, анын түбөлүктүүлүгүнүн кепилдиги да мабда. Хизб мындай оор акыбалдарга түшпөө үчүн жана мындай коркунучтарды жок кылуу үчүн, үммөттү өзү мабдасы менен сугарууда, пикир жана түшүнүктөрүнүн ачык-айкын жана тунуктугун сактоодо, мына ушул пикир жана түшүнүктөр чөйрөснүн үммөткө өкүмдар болуп калышы үчүн иштөөдө катуу аракет кылышы керек. Ушул иштер жеңил кечиши үчүн «сакофат доору»на өзгөчө көңүл буруу, жамаий сакофатка көңүл буруу, колонизаторлуктун пландарын ачып таштоодо катуу аракет кылуу, үммөт жана анын кызыкчылыктары жаатында ар дайым сергек туруу, үммөттү мабда жана хизб пикирлеринде толук эритүү, хизбдин пикир жана түшүнүктөрүн тунук сактап калуу үчүн аларды ар дайым текшерип туруу о.э. булардын баарында бүткүл мүмкүнчүлүктү сарптоо зарыл, алар канчалык мээнет жана кыйынчылык талап кылса да.

Тапка бөлүнүү коркунучу болсо үммөткө эмес, хизб кишилерине кирип барат. Хизб үммөттү, же анын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн кезде, зор кадыр-баркка ээ болуп, бардыгынын урматтоосуна татыктуу болот. Кээде мындай кадыр-барк, урмат дилдерде менменсинүүнү пайда кылат жана хизб кишилери «биз үммөттөн жогору кишилербиз, биздин милдетибиз аларга жетекчилик кылуу, үммөттүн милдети болсо жетеленүү» деп ойлой башташат. Ошондо алар өздөрүн үммөттөн, же анын айрымдарынан жогору тутушат, мунун маани-маңызын ойлошпойт. Эгер ушундай абал бир нече жолу кайталанса, үммөт хизбди өзүнөн башка тап деп ойлой баштайт. О.э хизб да тапчылдыкты сезе баштайт. Мындай сезүү хизбдин жемирилишинин башталышы. Себеби, бул сезүү хизбдин эл арасындагы карапайым кишилердин ишенимине болгон этибарын суздаштырат о.э. элдин хизбге болгон ишенимин алсыратат, ошондо үммөт хизбден жүз үйрүй баштайт. Качан үммөт хизбден жүз үйрүсө,

хизб жемирилет жана кайрадан ишенимге ээ болуу үчүн эми эки-үч эсе көп мээнет кылууга муктаж болот. Ошондуктан, хизб кишилери үммөттүн карапайым кишилериндей болуулары, өздөрүн үммөткө кызмат кылуучу деп, хизбий милдети үммөткө кызмат кылуу деп билүүлөрү керек. Анткени, ушундай кылуу хизб кишилеринде коргонуу кубатын пайда кылат жана эл ишениминин улантылышында эле эмес, балким, үчүнчү баскычта мабданы аткаруу үчүн бийликти колго алгандарында да аларга пайда берет. Кийин алар – аким болгон абалда – үммөткө кызмат кылууну улантышат. Ал тургай, алар мабданы аткарууга жетишишет.

18. Үчүнчү баскыч – бийликке жетүү баскычы. Хизб бийликке үммөт аркылуу жетет жана мабданы бирденинен аткарат, жарым-жартылай же баскычма-баскыч эмес (революциялык тарыйкат деп атала турган нерсе ушул). Бул тарыйкат бийликте катышууну кабыл албайт, балким, бийликти толугу менен колго алып, аны максат кылып эмес, мабданы колдонуунун тарыйкаты кылып алат. Исламий мабданы инкилабий (революциялык) түрдө аткарат. Абалдар кандай болушуна карабастан, аны тадрижийлик (бара-бара, баскычма-баскыч) тарыйкатында кабыл албайт.

Бул тарыйкат мабданы толук жана жалпы түрдө колдонгон соң, Исламий даъватты жаюу керек болот. Мамлекет бюджетинен даъват жана үгүт үчүн атайын фонд белгилеп, даъватты эл аралык жактан, же шарттын талабына ылайык хизбий жактан алып барууну башкарат. Хизб бийликке жетсе да, хизб сыпатында калат жана анын жихазы өз ордунда калат, мүчөлөрүнүн бийлик күрсүсүндө болуш-болбошунун мааниси жок. Бийлик – хизб мабдасын мамлекет аткарышы үчүн о.э. дүйнөнүн бардык континенттеринде аткаруу жолунда аракет кылуу үчүн биринчи амалий кадам деп этибар кылынат.

Булар, хизб фикратты амалий доорго чыгаруу үчүн турмуш майданында басып өтө турган кадамдар. Башкача айтканда, хизбдин исламий турмушту кайрадан баштоо менен мабданы турмуш майданына көчүрүү жана коомду ойготуу үчүн о.э. даъватты дүйнөгө жаюу үчүн басып өтө турган кадамдары. Бул убакта хизб амалий доорду баштайт, бул хизбдин жүзөгө келишине себепчи болгон доор. Ушуга ылайык, хизб Исламий Мамлекеттин тикелениши үчүн; анын түбөлүк калышы үчүн; Ислам колдонулушу, туура колдонулушу жана бул колдонуунун үзгүлтүксүз болушу үчүн; о.э исламий даъваттын бүткүл дүйнөгө жайылышы үчүн чыныгы кепилдик болуп саналат. Анткени, хизб мамлекет тикелеген соң, аны көзөмөлдөөчү, эсеп-китеп кылып тергөөчү жана аны менен талкуулашуу үчүн үммөткө жетекчилик кылуучу, ошол эле учурда, Ислам өлкөлөрүндө жана дүйнөнүн башка жерлеринде Ислам даъватын алып баруучу болот.